КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЧКОР-АТА КОЛЛЕДЖИ

Кочкор-Ата колледжинин
Педагогикалык кенешинде
талкууланып
№ 1 протокол менен
бекитүүгө сунушталды
“30” 08 2022-жыл

Бекитемин
т.и.к., Назарбаева Б.С.
________________
______ 202__-жыл

# КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮНҮН

# НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**Адистиги: 050704 Мектепке чейинки билим берүү**

Квалификациясы:
**Мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиячысы**

**Кочкор-Ата шаары -2022-ж.**

**Кесиптик орто билим берүүнүн** 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча мамлекеттик билим берүүнүн ушул НББП стандарттын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз билим берүү академиясында иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте бекитилген.

**Иштеп чыккандар:**

Жетектөөчү адис

Мектепке чейинки билим берүү ПЦКсы

Усубалиева Г.А.________________________________________

Окутуучу

Мектепке чейинки билим берүү ПЦКсы

Тешебаева С.А.________________________________________

Окутуучу

Мектепке чейинки билим берүү ПЦКсы

Мырзахматова А.________________________________________

**Иш берүүчүлөрдүн өкүлү:**

Ноокен районунун Бүргөндү айылындагы
№29 Алтын уя балдарга билим берүү уюмунун башчысы
Мамутова З. М. ________________________________________

**ЖББПнын эксперти:**

Наристем балдарга билим берүү уюмунун башчысы
Тердикбаева Э.Ш. ________________________________________

МАЗМУНУ

Жалпы жоболор.

1.Негизги билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмөсү ........................................ 3.

1.1. ББНПны иштеп чыгуунун нормативдик документтери ..………….................................3

1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар ……………......……………….....3

2. Колдонуу тармагы ………………………………………......…........................................4

3. Билим берүүнүн негизги программаларына жалпы мүнөздөмө .......…………….............5

3.1. Билим берүүнүн негизги программасынын максаттары ..…………..................................5

3.2. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар …………………………..........................……6

3.3. ББНПсын өздөштүрүүнүн мөөнөтү………………….........................…........……....8

3.4. ББНПсын өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу……..……….........................................8

3.5. ББНПсын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүнө жалпы мүнөздөмө.....,......9

3.6. Бүтүрүүчүнүн компетенциялары............. ………………............................................. …..10

4. НББП ны ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана окуу процессин уюштурууну аныктоочу документтер. ....................................................11

4.1. Календардык окуу графиги. ........................... ............................................

4.2. Базалык окуу планы.

4.3. Жылдык жумушчу окуу планы.......................................................................................

4.4. Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык орто кесиптик билим берүү боюнча дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери......................................

4.5. Практикалардын программалары........................................................................................

4.6. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасы...................................

5. НББП даярдоо багыты же адистиктер боюнча факт түрүндө каражат менен камсыз кылуу.......................................................................................................................... 13.

5.1. Окуу процессин кадрдык камсыз кылуу.....................................................................13

5.2. Окуу-методикалык, маалыматтык жана материалдык жактан камсыздоо…………....14

6. Окуу-курамдык бөлүмдүн мүнөздөмөсү........................................................................ 15

7. Адистик боюнча студенттердин НББП өздөштүрүү сапатын баалоо………................16

**Жалпы жоболор**

**1. Негизги билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмөсү.**

ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин орто кесиптик билим берүү программасынын 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча негизги билим берүү программасы Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларына ылайык иштелип чыкты.

Бул 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча негизги билим берүү программасы окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжасын, мазмунун, шарттарын жана билим берүү процессин ишке ашыруу технологияларын, адистик боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын баалоону жөнгө салат. Мындан сырткары программа базалык жана жумушчу окуу пландарын, билим берүү программасы боюнча компетенциялардын картасын, окуу планында көрсөтүлгөн базалык, окуу жай тарабынан сунушталган жана студенттердин тандоосундагы дисциплиналардын, өндүрүштүк практикалардын жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялардын талаптарын камтыйт.

**1.1. Негизги билим берүү программасын иштеп чыгуунун нормативдик документтери.**

050704 Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча негизги билим берүү программасын иштеп чыгуунун нормативдик укуктук базасы болуп төмөнкү документтер эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик-методикалык документтери;
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин Уставы;
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин "Окуу процессин уюштуруунун негизинде окутуунун кредиттик технологиясы жөнүндө (ECTS)" жөнүндөгү жобосу;
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин "Жумушчу программасын жана силлабусстун структурасы жана мазмуну жөнүндө" жөнүндөгү жобосу;
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин "Окуу-методикалык комплекси (ОМК)" жөнүндөгү жобосу;
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин "Педагогикалык практиканы өткөрүү" жөнүндөгү жобосу;
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин “Бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик аттестация уюштуруу" жөнүндөгү жобосу;
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин "Мониторинг жүргүзүү, билим берүүнүн сапатын жакшыртуу" жөнүндөгү жобосу
- ЖАМУнун Кочкор-Ата колледжинин "Студенттерди учурдагы жана аралык текшерүү" жөнүндөгү жобосу.

**1.2.Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар**

**1.2.1.**Кыргыз Республикасынын Кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүнүн ушул стандартында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасында белгиленген тартипте кабыл алынган кесиптик орто билим берүү жаатындагы эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар пайдаланылат:

**компетенттүүлүк багыт** – билим берүү процессин уюштуруу, мазмунун тандоо, максатын аныктоо, билим берүү технологиясын тандоону жана билим берүү натыйжаларын баалоого, билим берүү натыйжасы катары окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн компетенцияларынын жыйындысы жана компетенцияларды калыптануу деңгээлдери;

**компетенция** – белгилүү бир тармакта кесиптик ишмердик менен шугулданууга мүмкүндүк берүүчү билимдердин, көндүмдөрдүн жана билгичтиктердин, инсандык сапаттардын динамикалык комбинациясы;

**компетенттүүлүк** - тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, көндүмдөрдүн (ыктардын) жана билгичтиктердин кыймылдуу комбинациясы;

**жалпы компетенттүүлүк** – жалпы ишмердиктерди аткарууда пайда болгон маселелерди чечүүдө колдонулуучу билимдердин жана билгичтиктердин, практикалык тажрыйбалардын негизинде ийгиликтүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгү;

**кесиптик компетенттүүлүк** - кесиптик ишмердикке байланыштуу маселелерди чечүүдө билимдердин жана билгичтиктердин, практикалык тажрыйбалардын негизинде ийгиликтүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгү;

**кесиптик билим берүүнүн негизги программасы** - даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун, максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын аныктоочу жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-усулдук документтердин жыйындысы;

**дисциплиналардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналардын жыйындысы;

**кесиптик модуль** - окутуунун, тарбиялоонун максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;

**кредит (зачеттук бирдик)** - кесиптик билим берүүнүн негизги программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү.

**окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы, модулу боюнча окутуунун натыйжаларына ээ болгон компетенциялар.

**1.2.2.Кыскартуулар жана белгилөөлөр:**

Ушул билим берүү негизги программасында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

МББС – мамлекеттик билим берүү стандарты;

КОББ – кесиптик орто билим берүү;

КОББ МББС – кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты;

КББНП – кесиптик билим берүүнүн негизги программасы;

КББНП ДЦ – кесиптик билим берүүнүн негизги программасынын дисциплиналарынын цикли;

КООЖ – кесиптик орто окуу жайы;

ЖК – жалпы компетенциялар;

КК – кесиптик компетенциялар;

КД – кесиптик дисциплиналар;

ОМБ – окуу-методикалык бирикмелер;

ОУК – окуу-усулдук кеңеш;

КМ – кесиптик модуль;

ДАК – дисциплиналар аралык курс;

ДЦ – дисциплиналардын цикли.

**2. Колдонуу тармагы.**

**2.1. Негизги билим берүү программасын колдонуучулар:** ЖАМУнун администрациясы; окутуучулар курамы жана студенттер; окуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер; тийиштүү кесиптик ишмердүүлүктөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери; кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.

**2.2. Абитуриент окууга тапшыруу үчүн төмөндөгү документтердин бирөөсүн алып келүүсү керек**:

- орто билими жөнүндө аттестат;

- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк;
- келечекте педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө уруксат берүүчү ден соолугу боюнча (угуусу, көрүүсү, сүйлөөсү ж.б. ооруулардын болбоосу) тастыктаган медициналык тактама.

**3. Адистиктин негизги билим берүү программасына жалпы мүнөздөмө**

**3.1. Билим берүү программасынын концепциясы, максаты (миссиясы), милдеттери.**

"Мектепке чейинки билим берүү" КББНП өзүнүн максаты катары студенттерде МББС көрсөтүлгөндөй жалпы жана кесиптик компетентүүлүктөрдү калыптандыруу болуп саналат. Ошону менен бирге студенттерде төмөнү инспндык касиеттерди калыптандыруу болуп саналат: максаттуулук, уюштуруучулук, жоопкерчилик, коммуникативдүүлүк, аттуулдук, толеранттуулук, жалпы маданияттуулугун жогорулатуу, кесипте өзүн өзү реализациялоого жана дайыма өзүн өзү өнүктүрүүгө даяр болууга калыптандыруу.

**"Мектепке чейинки билим берүү" адистигинини** НББП **максаттары**:

- атайын кесиптик билимге, жогорку квалификацияга ээ болгон педагогикалык кадрлар менен коомчулукту жана мамлекетти камыз кылуу;
- конкуренцияга чыдамдуу болгон мектепке чейинки билим берүү адистерин даярдоо;
- инновациялык, инсанга багытталган технологияларды пайдалануу менен дүйнөлүк билим берүү чөйрөсүнө интеграциялоо, окуу пландарды жана билим берүү программаларын эл аралык стандартка жеткирүү;
- азыркы мектептин талабына, педагогикалык илимдин, техниканын, маданияттын жетишкендиктерине ылайык студенттерди даярдоонун сапатын дайыма жогорулатуу;

Окутуу процессинде **"Мектепке чейинки билим берүү" адистигинини** НББП **максаты төмөнкүдөй**:

- гуманитардык, социалдык экономикалык, математикалык жана табигый багытта даярдоо;
- атайын кесиптик билим алууда практикалык көндүмдөргө басым жасоо;
- педагогикалык кесипке кызыгууну жогорулатуу, педагогикалык мотивацияны калыптандыруу;
- студенттердин логикалык жана сынчыл ойлоосун өнүктүрүү;
- социалдык мобилдүүлүктү өнүктүрүүгө керек болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;

Личностту тарбиялоо багытында "**Мектепке чейинки билим берүү" адистигинини** НББП **максаты төмөнкүдөй баалуулуктардын системасын калыптандыруу болуп саналат**:

- улуттук баалуулуктарды өнүктүрүү, студенттердин патриоттуулук жана жана гумандуулук сезимдерин калыптандыруу, жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыйлоого, баалоого, эл аралык достукка жана толеранттуулукка тарбиялоо;
- эмгекке болгон керектөөсүн, максаттуулугун, жоопкерчилигин жана ийкемдүүлүгүн тарбиялоо, турмуштун түрдүү сфераларында конкуренцияга чыдамдуулугун өнүктүрүү;
- жалпы адамдык жана улуттук маданиятты өздөштүрүүдө студенттерди өзүнүн үстүндө дайыма иштөөсүнө даярдоо;
- сергек жашоо образын уюштуруу зарылдыгын калыптандыруу, руханий жана дене саламаттыгын бекемдөөгө болгон керектөөсүн калыптандыруу;
- коммуникативдүүлүгүн өнүктүрүү жана жалпы маданиятын жогорулатуу.

Мындан тышкары бүтүрүүчү өзүнүн ишмердүүлүгүнүн регион жана мамлекет үчүн ролун жана маанисин түшүнүү керек. Өзүнүн билимдерин, көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана жаңы компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүгө даяр болуу керек. Кесиптик жактан өз билимин жогорулатууга, инсан катары өнүгүүгө жана өзүнүн кесиптик өнүгүүсүнүн траекториясын проектирлөө көндүмдөрүнө ээ кылуу.

“**Мектепке чейинки билим берүү” адистигинини** НББП **компетентүүлүктөрдү калыптандыруу багытында төмөнкү максаттарды көздөйт:**

- жалпы жана кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди калыптандыруу;
- жалпы жана кесиптик компетенцияларды жана компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;
- кесиптик жактан такай өсүүгө жана үзгүлтүксүз билим алууга даяр болууну калыптандыруу;
- кесиптик жана инсандык сапаттарды калыптандыруу;
- дүйнөгө болгон көз карашты жана дүйнө түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- кесиптик (жана экономикалык) ойломду, аң сезимди жана өзүн-өзү аңдап билүүнү калыптандыруу;
- жаңы социалдык чөйрөгө тез жана оңой ыңгайлаша алуу, командада иштөө, адамдар менен баарлаша алууну жана өз ара аракетте (карым-катышта) болуу сыяктуу инсандын социалдык сапаттарын калыптандыруу;
- студенттерде максатка умтулуучулук, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчилик, атуулдук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук сыяктуу социалдык-инсандык сапаттарды жана инсандын жалпы маданиятын калыптандыруу;
- инсан катары өзүн-өзү өнүктүрүп-өркүндөтүүгө даяр болууну калыптандыруу.

**3.2.Адистиктин ББНПсы окутуудан төмөнкүдөй натыйжаларына жетишине багытталган:**

**ОН 1**.

Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу жана маселелерди чечүү, өзүнүн жоопкерчиликтүүлүгүн жана демилгелүүлүгүн түшүнүү.
Өзүнүн болочок кесибинин маани- маанызын түшүнүү, ага карата тынымсыз кызыгууну көрсөтүү.

**ОН 2**

Кесиптик ишмердигинде маалыматтык-байланыш технологияларын колдонуу, компьютерде иштей алуу. Өз ишин уюштура билүү, кесиптик тапшырмаларды аткаруунун методдорун жана жолдорун тандап, натыйжалуулугун жана сапатын баалоо

**ОН 3**

Баланын укуктары жана чоңдордун балдарга карата мамилеси тууралуу, мектепке чейинки курактагы балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу маселелрине байланыштуу негизги документтерди өз ишмердүүлүгүндө колдонууну билүү;

**ОН 4**

Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик жана официалдуу тилде логикалык жактан туура, аргументтүү түзө алуу жана карым-катыш деңгээлинде бир чет тилин билүү;

**ОН 5**

Эрте балалык жана мектепке чейинки курактагы балдардын ийгиликтүү өнүгүшүнүн шарты катары жагымдуу психологиялык карым-катыш атмосферасын түзүү, ар бир баланы өнүктүрүү максатында балдардын психологиясынын негиздерин колдонууга даяр болуу.

**ОН 6.**

Сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо жана анын ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу үчүн зарыл болгон билимдерин пайдаланууга жөндөмдүү болуу.

**Тарбиялоо жана билим берүү иш-аракеттеринин багыттары:**

**ОН 7**

Балдар психологиясынын негиздерин колдонуп, ар бир балага жардам берүү, эрте жана мектепке чейинки курактагы баланын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн шарты катары баарлашууда жагымдуу психологиялык атмосфераны түзүү үчүн даяр болуу жана

мектепке чейинки курактагы балдардын ден- соолугун чыңдоо, педагогикалык процесстин санитардык-гигиеналык шарттарын камсыз кылуу.

**ОН 8**

Мектепке чейинки билим берүүчү уюмда мектеп жашына чейинки балдарды өнүктүрүүнүн, тарбиялоонун жана окутуунун жетишилген деңгээлин талдоонун жана баалоонун негизинде бирдиктүү педагогикалык процессти иштеп чыгууну, жүзөгө ашырууну жана талдай билүү.

**Социалдык жана билим берүү иш-аракеттеринин багыттары:**

**ОН 9**

Ата-энелер менен өз ара аракеттенип, аларга педагогика, психология жана үй-бүлөдө мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо методикасы боюнча кеңештерди берүү, балдардын жана үй-бүлөлөрдүн кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо, балдарды толук социалдаштыруу,үй-бүлө жана өнүгүү мүмкүнчүлүгү чектелген мектеп жашына чейинки балдар менен түзөтүү иштери жаатындагы адистерге жардам берүүгө даяр.

**Методикалык иш чөйрөсүндө**:

**ОН 10**

Мектепке чейинки билим берүүнүн методикалык документтери, мектепке чейинки билим берүү жана тарбия жаатындагы маалыматтык-укуктук документтер менен иштей билүү; Окуу материалдарын иштеп чыга билүү; (календардык-тематикалык пландарды, сабактардын пландарын түзүү ж.б.) мектепке чейинки билим берүүнүн билим берүү стандартына жана окуу-методикалык адабияттарга негиздөө.

**3.3. Адистиктин ББНПсын өздөштүрүүнүн мөөнөтү:**

- 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистигинин күндүзгү окуу формасы боюнча орто жалпы билим берүүнүн базасында 1 жыл 10 айды, негизги жалпы билим берүү базасында 2 жыл 10 айды түзөт.
- Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда окуу мөөнөттөрү кесиптик орто окуу жайлары тарабынан күндүзгү формасындагы өздөштүрүүнүн белиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу 6 айга узартылат.
- КОББ КББНПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан түзүлөт.

**3.4. 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистигинин НББПсын өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу:**

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы КОББ КББНПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар. Окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда, бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредитке (зачеттук бирдикке) барабар.

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (ага анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

**3.5. ББНПсын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүнө жалпы мүнөздөмө.**

**3.5.1**. Бул адистиктин ББНПсын бүтүрүүчүлөрү, мамлекеттик жана жеке менчик мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштөө мүмкүнчүлүгү бар. ББП жергиликтүү иш берүүчүлөрдүн сунуштарын, талаптарын эске алуу менен жана азыркы эмгек рыногунун шарттарында атаандаштыкка туруштук бере ала турган адистерди даярдоо максатында түзүлдү. Ошондуктан төмөнкүлөр ишенимдүү иш берүүчүлөр болуп эсептелишет:

- мектепке чейинки билим берүү уюмдары;
- балдар бакчаларынын даярдоо класстары;
- билим берүү мекемелери жана уюмдары.

**3.5.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгү**

Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн обьектилери болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

- мектепке чейинки билим берүү программасын ишке ашыруунун милдеттерин, мазмунун, методдорун, каражаттарын, технологияларын жана балдардын тарбиялык ишмердиктерин уюштуруу процесси;
- мектепке чейинки курактагы балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча өз кесиптештери жана социалдык өнөктөштөрү, ата-энелер (мыйзам өкүлдөрү) менен өз ара кызматташууну уюштуруунун милдеттери, мазмуну, методдору жана формалары;
- билим берүү процессине тиешелүү документтери;

**3.5.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:**

- мектепке чейинки билим берүүнүн программалары боюнча окутуу;
- сабактан тышкаркы ишмердиктерди уюштуруу;
- тарбиячынын жардамчысы;
- билим берүү процессин методикалык жактан камсыздоо.

**3.5.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери:**

- балдардын өнүгүүсүнүн, билим алуусунун жана тарбия алуусунун деңгээлин баалоонун жана талдоонун негизинде педагогикалык процессти проектирлөө, пландаштыруу жана аны ишке ашыруу;
- мектепке чейинки курактагы баоълдарды окутууга жана тарбиялоого коюлган максаттарга жетүүнү ишке ашыруу;
- балдар менен мамилелеше (кызматташа) алуу;
- балдардын инсандык өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүүнүн негизинде, алар дуушар болгон кыйынчылыктарды аныктоо жана андан чыгууга жардам берүү;
- гумандуу педагогикалык чөйрө түзүүгө жетишүү;
- ата-энелер менен педагогикалык иштерди алып баруу;
- мектепке чейинки курактагы балдарды ар кандай илимий багыттар боюнча окутууга зарыл болгон билгичтиктерди жана ыкмаларды талапка ылайык билүү;
- окутуунун техникалык каражаттарын жана компьютердик техниканы колдонууну билүү;
- өзүнүн билимин өркүндөтүүнүн жана өзүн-өзү тарбиялоонун билгичтиктерине жана ыкмаларына ээ болуу.

**3.5.6. 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистигинин ББНПсын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:**

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча кыскартылган мөөнөттө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө.

### 3.6. Бүтүрүүчү төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болот.

**1. жалпы:**

ЖК 1. Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерин аткаруунун метод жана ыкмаларын тандоо, алардын эффективдүүлүгүн жана сапатын баалоо;

ЖК 2. Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу жана маселелерди чечүү, өзүнүн жоопкерчиликтүүлүгүн жана демилгелүүлүгүн көрсөтүү.

ЖК 3. Кесиптик жана инсандык өнүгүүгө, кесиптик тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууга зарыл болгон маалыматтарды издеп табууну, пайдаланууну жана чечмелөөнү билүү.
ЖК4. Кесиптик ишмердигинде маалыматтык-байланыш технологияларын колдонуу, компьютерде иштей алуу.
ЖК 5. Команда менен иштөө, жамаат, жетекчилер жана социалдык өнөктөштөр (коллектив) менен натыйжалуу мамилелешүү.
ЖК6. Команданын жалпы иши үчүн жоопкерчиликти алуу, алардын окуу ишинде тапшырмаларды аткаруусуна жоопкерчиликти алуу;
ЖК7. Өзүнүн кесиптик жана жекече инсандык өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердүүлүгүндө эмгек шарттарынын жана технологияларынын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;
ЖК 8. Чакан жамааттарда уюштуруу-башкаруу ишине даяр болуу;
ЖК9. Сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо жана анын ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу үчүн зарыл болгон билимдерин пайдаланууга жөндөмдүү болуу;
ЖК 10. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик жана официалдуу тилде логикалык жактан туура, аргументтүү түзө алуу жана карым-катыш деңгээлинде бир чет тилин билүү;

**2) кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик компетенциялар:**

**а) Окуу-тарбия ишмердүүлүгү боюнча:**

КК 1. Өзүнүн болочок кесибинин маани- манызын түшүнүү, ага карата тынымсыз кызыгууну көрсөтүү;
КК 2. Баланын укуктары жана чоңдордун балдарга карата мамилеси тууралуу, мектепке чейинки курактагы балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу маселелрине байланыштуу негизги документтерди өз ишмердүүлүгүндө колдонууну билүү;
КК 3. Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүүнүн максатын, милдеттерин, методдорун, мазмунун, принциптерин, формаларын аныктай алуу, аларды мектепте окууга даярдоо жана мектепке чейинки билим берүү программасы боюнча мектепке чейинки билим берүү уюмдарында бирдиктүү педагогикалык процессти ишке ашыруу;
КК 4. Мектепке чейинки курактагы балдар менен өз ара мамиле түзүүнү билүү, баланын окугандыгын, тарбиялангандыгын талдоо, үйрөнүүнүн негизинде эрте балалык жана мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөөдө жеке инсанга багыттап мамиле жасоо;
КК 5. Эрте балалык жана мектепке чейинки курактагы балдардын ийгиликтүү өнүгүшүнүн шарты катары жагымдуу психологиялык карым-катыш атмосферасын түзүү, ар бир баланы өнүктүрүү максатында балдардын психологиясынын негиздерин колдонууга даяр болуу
КК 6. Балдардын өмүрүн, ден соолугун камсыз кылуучу иш-чаралардын комплексин уюштурууда мектепке чейинки курактагы балдардын анатомиясынын жана физиологиясынын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдерин колдонуу, алардын ден соолугун чыңдоо, педагогикалык процесстин санитардык-гигиеналык шарттарын камсыз кылуу, травматизмдин алдын алууну ишке ашыруу;
КК 7. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы сабактардын жадыбалын жана аныкталган күн режимин аткарууга даяр болуу, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдардын мазмундуу жашоосун уюштуруу;
КК8. Мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсүн, окугандыгын жана тарбиялангандыгын талдоо жана баалоонун негизинде мектепке чейинки билим берүү уюмдарында бирдиктүү педагогикалык процессти долбоорлоо, ишке ашыруу жана көзөмөлдөө;
КК9. Мектепке чейинки курактагы балдардын ар түрдүү ишмердүүлүктөрүн жетектөөгө даяр болуу, балдарды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү боюнча максаттарга жетүүнү камсыз кылуу үчүн ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча ыкмаларга ээ болуу;

**б) Социалдык-педагогикалык ишмердүүлүк боюнча:**

КК 10. Педагогика, психология, үй-бүлөдө мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоонун методикасы, үй-бүлөнүн кызыкчылыктарын, балдардын жана үй-бүлөнүн укуктарын коргоо, балдардын толук кандуу социализациялануусу маселелери боюнча ата-энелерге кеңештерди берүү жана ата-энелер менен бирге иштей алуу;

КК 11. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштөөнүн ар түрдүү методдорун жана формаларын колдонуу менен ата-энелер менен кызматташа билүүгө даяр болуу;

КК 12. Өнүгүүсүндө кемчилдиги бар мектепке чейинки курактагы балдар менен иштеген коррекциялык ишмердүүлүк тармагындагы адистерге жардам берүүгө даяр болуу;

**в) Методикалык иштерди аткаруу боюнча:**

КК 13. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын билим берүү жана тарбиялоо багытындагы методикалык документтери менен иштей алуу;

КК14. Билим берүү стандартынын жана программанын негизинде окуу-методикалык материалдарды (КТП, сабктардын планын) иштеп чыгуу, аларды туура жүргүзүү, жетишилген ийгиликтин негизинде баланын инсандыгын өнүктүрүүнү долбоорлоо жана окуу-тарбия процессин уюштуруу;

КК 15. Мектепке чейинки курактагы балдардын предметтик-өнүгүү чөйрөсүн түзүү, курчап турган чөйрө жөнүндө маалыматтарды жеткиликтүү түшүндүрө алуу;

КК 16. Кесиптик адабияттарды окуп-үйрөнүүнүн, өзүн-өзү талдоонун, башка педагогдордун ишмердүүлүктөрүн талдоонун негизинде өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө жаңы технологияларды, педагогикалык тажрыйбаларды системалаштыруу, баалоо жана пайдалануу, компьютердик техника жана окутуунун техникалык каражаттарын колдонууну билүү;

Жогоруда көрсөтүлгөн компетенциялардын негизинде 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистигинин компетенциялардын матрицасы түзүлдү.

Компетенциялардын матрицасы бул НББП мазмуну менен пландаштырылган компетенциялардын жана билим берүүнүн натыйжаларынын логикалык байланыштарынын чагылдырылышы. Бөлүм башчы матрицаны иштеп чыгат жана бөлүмдүн жыйналышында талкуулап Педагогикалык кеңешине же Окуу-методикалык кеңешине бекитүүгө сунушталат.

## 4. НББП ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана окуу процессин уюштурууну аныктоочу документтер

3.02.2004.-ж. КР Өкмөтүнүн № 53 буйругу менен бекитилген КР кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү мекемеси жөнүндө жобого жана МББС ылайык студенттерди даярдоодо окуу ишмердүүлуктүн негизги түрлөрү окуу пландарда жана программаларда аныкталат. Окутуунун узактыгы, окуу жылдын башталышы жана аякташы, студенттердин жумалык жүктөмү, экзамендик сессиянын жана каникулдардын убактысы, практиканын түрлөрү МББС негизинде окуу пландарда аныкталат..

### 4.1. Календардык окуу графиги

“Мектепке чейинки билим берүү” адистигинин НББП курс боюнча ишке ашыруу (теориялык окутуу, практика, аралык жана жыйынтыктоочу аттестация, каникулдар) базалык жана жумушчу окуу пландарда көрсөтүлөт. (Тиркеме 1)

### 4.2. Окуу планы

“Мектепке чейинки билим берүү” адистигинин НББП базалык жана жумушчу окуу пландары иштетилип чыккан. Окуу пландарда компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу циклдардын (дисциплиналардын, практикалардын) логикалык удалааштыгы көрсөтүлгөн. (Тиркеме 2)

### 4.3. Жумушчу окуу планы

Жумушчу окуу планында ар бир дисциплинанын, модулдун эмгек сыйымдуулугу академиялык сааттар жана зачеттук бирдиктер менен көрсөтүлгөн. (Тиркеме 3)

### 4.4. НББП компетенциялардын картасы.

Компетенциялардын картасы компетенциянын мазмунунун компоненттери жөнүндө маалымат берет жана аны өздөштүрүүнүнүн денгээлдерин аныктайт. Ошону менен бирге компетенцияны калыптандыруунун технологияларын камтыйт (лекция, семинар ж.б.). Компетенциялардын картасынын негизинде компетенциянын паспорту түзүлөт. Ал компетенциянын маңызын ачат жана компетенциянын жалпы билим берүүнүн натыйжаларында ордун жана маанисин аныктайт. (Тиркеме 4)

**4.5. Базалык жана ОКОЖ компонентинин дисциплиналарынын аннотациялары**

5- тиркемеде берилген.

**4.6. Практикалардын аннотациялары**

**4.6.1. Практиканы өткөрүүгө коюлуучу талаптар**

Практика НББПтын милдеттүү бөлүгү болуп, окутуунун практикага багытталган болуусун камсыз кылуучу окуу иштеринин түрү болуп саналат. ББНП ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй практиканын түрлөрү уюштурулат:

- окуу-таанышуу практикасы ( 2жума);
- педагогикалык практикасы (5 жума);
- мамлекеттик (дипломдук) практика ( 6жума).

Ар бир практиканын түрүнүн максаты жана милдеттери, программасы иштелип чыккан.

Практиканын бардык түрү билим берүү уюмдарында өткөрүлөт. Практиканын жыйынтыгы боюнча студент-практиканттарды аттестациялоо билим берүү уюму тарабынан кабыл алынып, тастыкталган документтердин негизинде жүргүзүлөт. Практиканын отчеттун тапшырган соң дифференциялык баа коюлат.

**4.6.2.** НББПны иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын калыптандырууда жаштар комитети түзүлүп, алар социалдык-маданий иш чараларды уюштурушат. Студенттер үчүн КАКта чоң жыйындар залы,конференция залы, 2 спорттук аянтча, чыгармачылык клубдар, бий, ыр, волейбол ийримдери иш алып барат.

**4. 7. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар.**

**4.7.1.Жалпы талаптар**

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар 29.05. 2012-ж. КР өкмөтүнүн № 346 токтомуна «Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих деятельность образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики» жана КАКтын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобого», ылайык аныкталган:

1. КОББ НББП өздөштүрүү Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация менен аяктайт.

2. “КАКтын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо” билим берүүнүн бардык формалары боюнча бүтүрүүчүлөргө колдонулат.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын максаты бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик милдеттерди аткарууга даярдыгынын деңгээлин жана кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына туура келгендигин аныктоо.

4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга адистик боюнча КОББ МББС негизинде түзүлгөн НББП толук көлөмдө өздөштүргөн студенттер киргизилет. Эгерде бүтүрүүчү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын бардык жыйынтыктоочу аттестациялык текшерүүлөрүнөн өтсө, ага кесиптик квалификация ыйгарылат жана кесиптик орто билим берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

Жыйынтыктоочу аттестациялык текшерүүлөрдүн түрлөрү:

- Кыргызстандын тарыхы, Кыргызстандын географиясы, Кыргыз тили жана адабияты” боюнча комплекстүү мамлекеттик аттестация;

- Педагогика жана психология, Балдардын кебин өстүрүүнүн методикасы, Математикалык өнүктүрүүнүн методикасы"боюнча дисциплиналар аралык мамлекеттик аттестациялоо;

**4.7.2. "Мектепке чейинки билим берүү" адистиги боюнча кесиптик дисциплиналар аралык мамлекеттик экзаменди өткөрүү тартиби.**

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн тартиби КАКтын Жобосуна ылайык атайын адистер тарабынан иштелип чыгат. Бул жөнүндө маалымат студенттерди, окутуунун формасына карабай, жарым жыл мунун жеткирилет. Студенттер мамлекеттик аттестациялоонун программалары менен камсыз кылынуусу зарыл жана керектүү консультациялар уюштурулат. Адистик боюнча мамлекеттик аттестациялоо АВН системасында тесттик суроолор формасында жүргүзүлөт.

Аттестациялык текшерүүнүн бардык түрлөрү, жыйынтыктоочу мамлекеттикти кошо, "эң жакшы", "жакшы", "канааттандырарлык", "канааттандырарлык эмес" баалар менен бааланат жана ошол эле күнү, протоколдор чыккандан кийин студенттерге жеткирилип, кол койдурулат. Компьютер чыгарган жыйынтык бааны өзгөртүүгө жана ошол эле күнү кайра сынак тапшырууга мүмкүн эмес.

**5. НББП даярдоо багыты же адистик боюнча факт түрүндө каражат менен камсыз кылуу.**

**5.1. Окуу процессинин кадрдык камсыздалуусу**

Жетекчиликтин максаттуу ишинин натыйжасында окутуучулук курамды жөндөмдүү, татыктуу, илимий потенциалдык деңгээли жогору кадрлар менен камсыздалган. Бөлүмдүн кызматкерлери өз ара бири-бири менен мамилечил. Жалпы бөлүмдө 49 жогорку билимдүү окутуучулук курам эмгектенет. Окутуучулук курам ББнүн отличниктери, мыктылары, педагогика илиминин кандидаты, магистрлар менен толукталып, билимдерди сапаттуу берүүгө басым жасалат.

Педагогдор квалификациясын жогорулатып, билим берүүдөгү долбоорлорго, семинарларга үзгүлтүксүз катышып турушат. Ата-Мекендик жана чет элдик илимий журналдарга макалаларын жарыялашат.

**5.2. 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча негизги билим берүү программасынын окуу-методикалык, маалыматтык жактан камсыздалышы.**

НББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин маалыматтар базасына жана негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн китепканалык фонддорду пайдалана алуусу менен камсыз кылынуусу керек. Кесиптик орто окуу жайларынын билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуусу менен аныкталат) камтыйт.

Кесиптик билим берүүнүн негизги программасын иш жүзүнө ашыруу үчүн студенттерди окуу адабияты же электрондук адабият менен камсыз кылуу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченем ылайык келиш керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмадагы материалдар пайдаланылат.

Китепкана фондду комплектөөдө студенттер окуп үйрөнүүгө тийиш болгон бүт предметтердин циклдери боюнча негизги жана кошумча адабияттар акыркы 10 жыл аралыгында басмадан чыккан же электрондук варианттагы басылмалар менен жыл сайын толукталып турат.

Окууга тиешелүү адабияттардан сырткары китепкана фондунда расмий, библиографиялык жана мезгилдүү басылмалар бар.

Электрондук басылмаларды колдонууда окуу жайы окулуучу дисциплиналардын өлчөмүнө ылайык лицензияда көрсөтүлгөн программалык талаптарды аткаруу үчүн, ар бир студенттин компьютердик класста иштөөсүнө шарт түзүлгөн.

Колледждеги бардык компьютерлер интернет тармагына туташтырылган, AVN системасынын базасы үчүн резервдик сервер түзүлгөн, маалымат коопсуздугу камсыздалган. Колледж жана бөлүмдөр үчүн сайт түзүү аянтчасы кеңейтилди. Студенттер электрондук китепкана кызматтарынан пайдалана алышат. Методикалык дисциплиналар басмадан чыккан жана колдо жасалган көрсөтмө куралдар менен жабдылган. Окуу-методикалык колдонмолор, силлабустар иштелип чыккан жана студенттерге таркатылган.

### 5.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалуусу.

Студенттерди кесиптик орто окуу жайларынын окуу планында алдын ала каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык, практикалык даярдоону камсыз кылуу үчүн КОББ КББНПны ишке ашыруучу кесиптик орто окуу жайларынын аракеттеги санитардык жана өрткө каршы эрежелери менен нормаларга ылайык келүүчү материалдык-техникалык базасы болуусу керек.

6. ***Кабинеттердин, кааналардын тизмеги:***

Колледжде окуу бир сменада жүргүзүлөт. Мектепке чейинки билим берүү адистиги 8 аудиторияны пайдаланат. Аудиториялык сабактарды жана СӨАИни уюштуруу үчүн шарттар толук түзүлгөн. Аудиторияларга атайын проекторлор орнотулган, окуу-методикалык кабинет жана компьютердик класстар, музыкалык класстар түзүлгөн. Санитардык-гигиеналык жана коопсуздук эрежелерине жооп берет.

***Предметтер боюнча кабинеттер:***

№18- Эне тилин окутуу каанасы
№ 28- Англис тили каанасы
№10 -Ч.Айтматов каанасы
№24- Информатика каанасы
№13 - Математиканы окутуу каанасы
№29- Педагогика жана психология каанасы
№14- Мектепке чейинки билим берүү каанасы
№22 -Коомдук илимдер каанасы

***Атайын кабинеттер:*** көркөм өнөр жана эмгекти окутуу кабинети;

***Лаборатория***: информатика жана информациялык-коммуникативдик технологиялар.

***Спорттук комплекс***: кичи спорт аянтчасы, спорттук зал.

***Залдар***: китепкана, окуу залы, Интернетке туташтырылган компьютердик класс, кичи жыйындар залы, чон жыйындар залы.

### 6. Окуу-курамдык бөлүмдүн мүнөздөмөсү.

**6.1.** Адистерди даярдоо боюнча билим берүүнүн негизги программасын билим берүү стандартынын негизинде, даярдоо адистиктерге болгон эмгек рыногунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен билим берүү мекемеси тарабынан өз алдынча жыл сайын иштеп чыгат.

КАКтын НББПсы илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, кесиптик орто окуу жайлары билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу үчүн төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен жыл сайын жаңыланып турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун обьективдүү тартиптеринин иштелмелеринде;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компоненттүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугунун көзөмөлдөөдө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

**6.2.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралык жана жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жекече жетишкендиктерин тийиштүү НББПнын этаптуу жана түпкү талаптарга ылайык келгидей аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын типтүү тапшырмаларды, текшерүү жумуштарды, тестерди ж.б. камтуучу, билимдерди, билгичтиктерди жана ээ болгон компентенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү базалары түзүлөт. Баалоочу каражаттардын базаларын кесиптик орто окуу жайлары иштеп чыгат жана бекитет.

Квалификация ыйгаруучу иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата КАК тарабынан белгиленген жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестация жөнүндөгү Жобого ылайык аныкталат.

**6.3.** ББНПны иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы: социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык ишмердик мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.

Колледжде окуу процессин социалдык-тарбиялык компонентин, студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын ишине катышуусуна, илимий студенттик коомдорду өнүктүрүүгө көмөктөш болуусуна шарттар түзүлгөн.

**6.4.** КАКтын ББНПсы студенттин тандоосу боюнча дисциплинанын ар бир дисциплиналар циклынын вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн түзүүсү керек. Студенттин каалоосу боюнча дисциплиналарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто окуу жайларынын Педагогикалык кеңеши аныктайт.

**6.5.** Студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусуна реалдуу мүмкүнчүлүк берилген.

**6.6.** ББНПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырылат, студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүнүшөт.

**6.7.** Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар.

- Студенттер студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде ББНПда белгиленген конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.
- ББНПны өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында студенттер өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

- Студенттер ББНПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

**6.8.** Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 48 саат болуп белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмү кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын деңгээлин жана адистикти даярдоонун спецификасын эсепке алуу менен, ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 50 пайыз чектеринде мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

Сырттан окуу формасында окутуучудан сабак алуу мүмкүнчүлүгү студентке жылына 5-6 кредиттен (160 сааттан) аз эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

Окуу жылындагы эс алуу убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзөт, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес эс алуу берилет.

**6.9. 050704 Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча негизги билим берүү программасына коюлуучу талаптар.**

КОББ МББС төмөндөгү ***окуу циклдарынын*** окулушун зарыл деп эсептейт:

КОББ 1. – гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклы;

КОББ 2. – математикалык жана табигый илимдер циклы;

КОББ 3. – кесиптик цикл;

жана ***бөлүмдөр***:

КОББ 4. – дене тарбия;

КОББ 5. – практика;

КОББ 6. – жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация.

Дисциплиналардын ар бир циклы базалык (милдеттүү түрдөгү) 80% жана вариативдик бөлүккө 20% ээ болот. Вариативдүү бөлүк базалык дисциплиналардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Вариативдүү бөлүктү кесиптик орто окуу жайлары ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программаларынын спецификациясынын негизинде түзөт.

**7. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо**

1. КББНПны өздөштүрүүнүн сапатын баалоо өз ичине күнүмдүк көзөмөл, курстан курска көчүрүүдөгү көзөмөл жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны камтышы шарт.

2. Билимдерди утурумдук (күндө) көзөмөлдөөнүн конкреттүү процедурасы жана формалары ар бир дисциплина боюнча аралык аттестациялоону билим берүү уюму өзү иштеп чыгат.

3. КНББПнын талаптарына ылайык окуучулардын жекече жетишүүсүн аттестациялоо үчүн билимдерди, билгичтиктерди жана өздөштүрүлгөн компетенцияларды баалоого мүмкүндүктү баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт жана аны иш берүүчүлөр менен макулдашууларга негизденип билим берүү уюму түзөт.

4. Окуучулардын компетенцияларын баалоо – билимди жана компетенциялардын калыптануусун баалоо аркылуу жүрөт.

5. Мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестация жана мамлекеттик экзамендер атайын иштелип чыккан жана бекитилген Жобого негизденип жүргүзүлөт.

**Билим берүү технологияларды изилдөө боюнча сунуштар**

**Билим берүү процессти уюштуруунун формалары, усулдары жана каражаттары**

**Дисциплиналардын ар бир циклы базалык (милдеттүү түрдөгү) 80% жана вариативдик бөлүккө 20% ээ болот. Вариативдүү бөлүк базалык дисциплиналардын**

**мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Вариативдүү бөлүктү кесиптик орто окуу жайлары ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программаларынын спецификациясынын негизинде түзөт.**

а) теориялык даярдоонун формалары:
- лекция;
- семинар;
- студенттердин өз алдынча иши;
- -консультация;

б) практикалык даярдоонун формалары:
-практикалык сабак;
-лабораторДук иш;
-педагогикалык практика;
-окуу-изилдөө иштери;

Компетенттүүлүк мамилени калыптандыруу максатында окутуу процессинде активдүү жана интерактивдүү усулдар колдонулат. Төмөнкү усулдар активдүү колдонулат:
- илгерилетилген лекция;
- диспут;
- интерактивдүү стратегиялар;
- иштиктүү жана ролдук оюндар;
- проблемалуу усул;
- проектилер усулу;
- суроо-жооп;
- демонстрация жана иллюстрация.

Теориялык даярдыкты камсыз кылуу үчүн окутуунун формаларын жана каражаттарын колдонууга сунуштар.

**Лекция.** Лекциянын ар түрдүү түрлөрүн пайдаланса болот: киришүү, , мотивациондук (дисциплинага кызыгууну артыручу), даярдоо (татаал материалды кабыл алууга даярдоо), интеграциаланган ( берилген жалпы материалдын теориялык анализ берген), багыт берүүчү (өз алдынча иштерди аткарууга керек болгон булактарга багытталган). Лекциялык материалдын мазмуну жана структурасы студенттердин талап кылынган компетенцияларын калыптандырууга багыт алуу керек жана козөмөл жана баалоо системасына дал келүү керек.

**Семинар.** Бул форма лекцияда берилген терориялык материалды активдүү талкуунун негизинде студенттердин чыгармачылык иштерди активдештирүүгө багытталган. Гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый дисциплиналарды оздөштүрүүдө сунушталат.

**Студенттердин өз алдынча аудитордук жана аудитордук эмес иши.**

Студенттердин өз алдынча иши китепкананын окуу залында, окуу кабинеттерде жана лабораторияларда, компьютердик класстарда жана үй шартта жүргүзүлөт. Окутуучулар тарабынан студенттерге конкультациялар жана жардам көрсөтүлөт. Өз алдынча иш китептер, окуу-методикалык пособиялар, лекциялардын конспектилери менен окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыздалыш керек.

**Студенттердин практикалык даярдыкта колдонулуучу окутуунун формалары жана каражаттары боюнча сунуштар.**

**Практикалык сабак.** Теориялык материалды практика жүзүндө өздөштүрүү жана бышыктоо. Кесиптик циклдын базалык жана вариативдик дисциплиналарды өздөштүрүүдө колдонулат

**ЛабораторДук иштин** негизинде окутулуп жаткан дисциплинанын материалын практикалык жактан үйрөнүү жана эксперименталдык иштерди жүргүзүү. Бардык циклдагы теориялык дисциплиналарды өздөштүрүүдө колдонулат.

**Окуу-таанышуу жана педагогикалык практика** – Практиканын түрү НББПда аныкталат. КАК практиканын максатын, милдеттерин жана отчеттуулугун практиканын түрү боюнча аныктайт.

| КББНП ДЦнын коду | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн долбоорлонгон натыйжалары | Кредиттер (зачеттук бирдиктер)<br><br>Окуу мөөнөтү<br><br>1 жыл 10 ай | Болжолдуу программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгуу үчүн дисциплиналар - дын тизмеси | Калыптан<br><br>дырылууч компетен<br><br>циялардын коддору |
|---|---|---|---|---|
| **КОББ 1.** | **Гуманитардык социалдык жана экономикалык цикл *)** | **18 кредит** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15кредит** | | |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүсү керек:**<br>- кесибине байланыштуу тексттерди окууга жана которууга зарыл болгон (2200-2400 лексикалык бирдикти) лексикалык жана грамматикалык минимумду.<br>**жасай билүүсү керек:**<br>кесибине жана күндөлүк турмушка тиешелүү маселелерди чечүүгө байланыштуу темаларда кыргыз тилинде баарлаша алууну;<br>- өз алдынча оозеки жана жазма кебин өркүндөтүүнү, сөз байлыгын такай өстүрүп барууну;<br>- билим берүү процессинде жана кесиптик ишмердигинде пайда болгон маселелерди чечүүдө алган билимдерин колдоно билүүнү;<br>- кесибине байланыштуу болгон кыргыз тилиндеги тексттерди которууну.<br>**аткара билүүсү керек:**<br>-кыргыз тилинде оозеки жана жазма кепке ээ болууну, коомдогу кеп этикетин сактоону; | 3 кредит | Кыргыз тили жана адабияты | ЖК–1<br>ЖК –6<br>ЖК –8<br>ЖК – 10 |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүсү керек:**<br>- кесибине байланыштуу тексттерди окууга жана которууга зарыл болгон (2200-2400 лексикалык бирдикти) лексикалык жана грамматикалык минимумду.<br>**жасай билүүсү керек:**<br>кесибине жана күндөлүк турмушка тиешелүү маселелерди чечүүгө байланыштуу темаларда орус тилинде баарлаша алууну;<br>- өз алдынча оозеки жана жазма кебин өркүндөтүүнү, сөз байлыгын такай | 2 кредит | Орус тили | ЖК – 3<br>ЖК –6<br>ЖК –7<br>ЖК – 10 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өстүрүп барууну;<br>- билим берүү процессинде жана кесиптик ишмердигинде пайда болгон маселелерди чечүүдө алган билимдерин колдоно билүүнү;<br>- кесибине байланыштуу болгон орус тилиндеги тексттерди сөздүк менен которууну.<br>**аткара билүүсү керек:**<br>-орус тилинде оозеки жана жазма кепке ээ болууну, коомдогу кеп этикетин сактоону; | | | |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүсү керек:**<br>- кесибине байланыштуу тексттерди окууга жана которууга зарыл болгон (2200-2400 лексикалык бирдикти) лексикалык жана грамматикалык минимумду.<br>**жасай билүүсү керек:**<br>кесибине жана күндөлүк турмушка тиешелүү маселелерди чечүүгө байланыштуу темаларда англис тилинде баарлаша алууну;<br>- өз алдынча оозеки жана жазма кебин өркүндөтүүнү, сөз байлыгын такай өстүрүп барууну;<br>- билим берүү процессинде жана кесиптик ишмердигинде пайда болгон маселелерди чечүүдө алган билимдерин колдоно билүүнү;<br>- кесибине байланыштуу болгон англис тилиндеги тексттерди (сөздүк менен) которууну.<br>**аткара билүүсү керек:**<br>-англис тилинде оозеки жана жазма кепке ээ болууну, коомдогу кеп этикетин сактоону; | 2 кредит | Чет тили | ЖК – 3<br>ЖК –6 |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүсү керек:**<br>- байыркы кыргыздардын тарыхын, кыргыздардын мамлекеттүүлүгүн;<br>- улуу кыргыз державасын (9-10 кк.);<br>- Караханиддер каганатын;<br>- кыргыз элинин түзүлүшүн;<br>- кыргыз урууларынын ортосундагы чыр-чатактардын, согуштардын себептерин, маани- мазмунун жана алардын кыргыз элинин өнүгүүсүнө тийгизген таасирин;<br>- Кыргызстандын Россияга кошулушун;<br>- 1916 жылдагы элдик көтөрүлүштү;<br>- 19 к. экинчи жармында жана 20 к. | 4 кредит | Кыргызстан тарыхы | ЖК – 3<br>ЖК – 5<br>ЖК –7 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | башында кыргыздардын маданиятынын өнүгүшүн;<br>- Кыргызстанда совет бийлигинин орношун, Кыргызстандын СССРдин курамында өнүгүүсүн;<br>- эгемен Кыргызстандын социалдык-экономикалык, саясый жана маданий өнүгүүсүн;<br>- азыркы Кыргызстандын саясый-экономинкалык өнүгүүсүндөгү негизги (интеграциялык, көп маданияттуулук, миграциялык ж.б.) процесстерди.<br>**жасай билүүсү керек:**<br>- регионалдык, дүйнөлүк социалдык-экономикалык, саясый жана маданий маселелердин өз ара байланышын аныктоону;<br>- алган билимдерин кесиптик жана билим берүү ишмердиктеги маселелерди, милдеттерди чечүү процесстеринде колдонууну.<br>**ээ болуусу керек:**<br>- Кыргызстандын тарыхый фактыларын жана окуяларын колдоно билүүгө;<br>- Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүн көз алдында элестетип көрө билүүгө;<br>- Кыргызстандын тарыхы боюнча алган билимдерин кесиптик жана билим берүү ишмердикке байланыштуу маселелерди, милдеттерди чечүүдө колдонуу жөндөмдүүлүгүнө. | | | |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүсү керек:**<br>**Студент билүүсү керек:**<br>-Табият таануу тармактарында болуп жаткан азыркы мезгилдеги көйгойлөрдү жана талкууларды, технологияларды жана аларды колдонууну, дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүнүн азыркы мезгилдеги өзгөчөлүктөрүн;<br>- табигый –илимий концепциялардын, принциптердин, теориялардын негизги мазмунун, табигый билимдердин өрчүшүнүн жалпы тарыхый аспект илерин;<br>**Жасай билүүсү керек:**<br>-табигый-илимий принциптерди салыштырууну;<br>- азыркы мезгилдеги табият таануунун позициясынан табигый жана техногендик кубулуштарды сүрөттөөнү;-мега-макро жана микро дүйнөнүн объектилерин билүү, аларды салыштырууну; | 2 кредит | Кыргызстандын географиясы | ЖК – 3<br>ЖК – 7 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Аткара билүүсү керек:**<br>-китептин мазмунунун жардамы менен китептен керектүү материалдарды табууну, текст жана сүрөттөр менен иштөөнү, негизги оюн бөлүп көрсөтүүнү, суроолорго жооп табууну;<br>-терминдердин сөздүгү менен иштөөнү;<br>- жаратылышта өзүн алып жүрүүнүн эрежелерин сактоону;<br>- таблицаларды жана схемаларды түзүү үчүн тексттен маалыматтарды табууну. | | | |
| | **Студент билүүсү керек:**<br>- Манастаануу курсунун максатын, милдеттерин жана “МАНАС” эпосундагы өзөк окуяларды, эпостун мазмунун, идеясын;<br>- эпостун жалпы адамзаттык философиялык маанисин, уникалдуулугун, ички маңызын түшүнө билүү, тексттен үзүндү айтып, маанисин чечмелеп берүү;<br>- жан дүйнөсүнө Манастын тил байлыгын сиңирип, өзоюн таамай, көркөм айта жана жаза билүү, көркөм сөз берметтерин өз кебинде колдоно билуү;<br>**Жасай билүүсү керек:**<br>-даяр илимий пикирлерди гана окуп үйрөнбөстөн ой жүгүртүүгө, өз пикирин эркин билдирүүнү, жыйынтык чыгара алуу, аргументтерди келтирүү, талкуулай алуу, эки тарапты тең канааттандыра ала турган чечим кабыл алуу;<br>- жамаат, топ ичинде иштөө, ишти уюштуруу, жоопкерчиликти , ресурстарды бөлүштүрүүнү уйрөнөт;<br>- демилгечил болуу, долбоорду иштеп чыгуу, чыгармачылык менен жаңы идеяларды сунуштаган креативдүү ой жүгүртөт;<br>- максатка жетүүгө шыктануу, баштаган ишти аягына чыгаруу, ар дайым изденүү жолунда болуу.<br>**Аткара алат:**<br>-манас айтууну билет. | 2 кредит | Манастаануу | ЖК5<br>ЖК6 |
| | **Вариативдик бөлүк** | **3 кредит** | | |
| | **Циклдын вариативдик бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент: билүүсү керек:**<br>- философиянын негизги категорияларын жана түшүнүктөрүн; коомдун жана адамдын турмушунда философиянын ролун; турмуш- | | Философия | ЖК2<br>ЖК4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тиричилик (бытие) жөнүндөгү философиялык окуунун негиздерин; таануу процессинин маанисин; дүйнөнүн сүрөтүнүн диний, философиялык жана илимий негиздерин;<br>- коом менен адамдын өз ара мамилесинин мыйзамченемдүүлүктөрүнүн негиздерин;<br>- адамзаттын жана адамдын тарыхый-маданий өнүгүүсүнүн мыйзамченемдүүлүктөрүнүн негиздерин;<br>- инсанды калыптандыруунун шарттарын; жашоону, маданиятты, айлана чөйрөнү сактоого эркиндигин жана жоопкерчилигин;<br>-инсандын социалдашуусунун негизги механизмдерин; илимдин, техниканын жана технологиянын өнүгүүсү жана аларды пайдаланууга байланыштуу социалдык жана этикалык маселелерди.<br>**жасай билүүсү керек:**<br>- реалдуу турмуштун, таануунун, дөөлөттөрдүн, эркиндик жана жашоонун маңызын атуулдун жана келечектеги адистин маданиятын калыптандырууну;<br>- дүйнө таануучулук, социалдык жана инсандык философиялык маселелердин маани-мазмунуну;<br>- кесиптик жана билим берүү ишмердиктеринин маселелерин, милдеттерин чечүү процессинде өзү ээ болгон билимдерин колдонууну.<br>**аткара билүүсү керек (ээ болуусу керек):**<br>- диалектикалык-материалисттик ойломго жана дүйнө кабылдоого;<br>- философиянын негизги мыйзамченемдүүлүктөрүн жана түшүнүктөрүн, категорияларын колдонуп ойлонууга;<br>- илимий, философиялык жана диний дүйнө сүрөттүн негиздерине;<br>- кесиптик ишмердигинде философиялык билимдерди колдонуунун методдоруна жана ыкмаларына. | | | |
| **КОББ 2.** | **Математикалык жана табигый-илимий циклы **)** | **6 кредит** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4 кредит** | | |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүсү керек:** | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - кесиптик ишмердикте жана КББНПты өздөштүрүүдө математиканын маанисин;<br>- кесиптик ишмердикте колдонмо маселелерди чечүүнүн негизги математикалык методдорун;<br>- математикалык анализдин, дискреттик математиканын, ыктымалдуулук теориясынын жана математикалык статистиканын негизги түшүнүктөрүн жана методдорун;<br>- интегралдык жана дифференциялдык эсептөөлөрдүн негиздерин;<br>- көптүк сандар түшүнүгүн, көптүк сандардын өз ара катышын, аларды колдонууну, өлчөм түшүнүгүн жана өлчөөнү жүргүзүүнү;<br>- өлчөм бирдиктер системасынын түзүлүш тарыхын, эсептөө системаларынын, натуралдык сандардын жана ноль түшүнүгүнүн өнүгүү этаптарын;<br>-тексттик маселе түшүнүгүн жана аны чыгаруу процесстерин;<br>- тегиздиктеги (плоскости) жана мейкиндиктеги геометриялык фигуралардын негизги касиеттерин;<br>- математикалык статистиканын методдорун;<br>**жасай билүүсү керек:**<br>- кесипке байланыштуу маселелерди чечүүдө математиканын методдорун колдоно билүүнү;<br>-тексттик маселелерди чыгарууну;<br>- кесиптик ишмердик тармагында колдонмо маселелерди чыгарууну;<br>- КАКындаштырылган эсептөөлөрдү чыгарууну;<br>- маалыматты элементардык статистикалык эсептөөлөрдөн өткөрүүнү, алынган натыйжаларды графикада чагылдырууну;<br>**аткара билүүсү керек:**<br>- кесипке байланыштуу маселелерди чечүүдө математикалык ыкмаларды жана методдорду колдонууну;<br>- маалыматтарды математикалык статистикалык обрабаткалоо методдорун;<br>- схемаларды жана таблицаларды түзүү тартибин, ыкмаларын; | 2 кредит | Кесиптик математика | ЖК – 4<br>ЖК – 7 |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент**:<br>**билүүсү керек:**<br>- маалыматтар менен иштөөнүн негизги ыкмаларын; | 2 кредит | Информатика | ЖК – 1<br>ЖК – 2<br>ЖК – 5<br>ЖК – 7 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - маалыматтарды топтоонун, иштетүүнүн жана сунуштоонун азыркы технологияларынын негиздерин;<br>- билим берүү процессинде маалыматтык - комммуникациялык технологиялардын каражаттарын колдонуунун гигиеналык талаптарын жана коопсуздук техникасынын эрежелерин;<br>- азыркы программалык каражаттардын жардамында ар кандай типтеги маалыматтардын обьектилерин издеп табуунун жана даярдоонун, сунуштоонун, сактоонун, редактирлөөнүн, жаратуунун негизги (тексттик, графикалык, сандык ж.б.) технологияларын;<br>-кесиптик жана инсандык өнүгүүдө, кесиптик ишмердикти өркүндөтүүдө Интернет торунун ресурстарынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануунун;<br>- кесиптик ишмердикте жекече компьютердин аппараттарын тетиктер жана программалар менен камсыздоону;<br>**жасай билүүсү керек:**<br>- маалыматтарды топтоодо, маалыматтарды талдоо иштеринде азыркы маалымат технологияларын колдоно алууну;<br>- кесиптик ишмердикте маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын каражаттарын кесипке тиешелүү маселелерди чечүүдө компьютерлердин программалар менен камсыз болушуна жана колдонуу абалына баа берүүнү;<br>- азыркы маалымат технологияларынын жардамында билим берүү прцессине керектүү болгон ар кандай типтеги маалымат обьектилерин түзүүнү, редакциялоону, иретке келтирип даярдоону, сактоону;<br>-окуучулардын тарбиялануучулардын психикалык өнүгүү деңгээлине жана курагына ылайык келүүчү окутуу программаларын тандай (ылгай) алууну;<br>- кесиптик ишмердикте Интернет торчосунун маалымат ресурстарын жана тейлөө мүмкүнчүлүгүн (сервистерин) колдоно билүүнү.<br>**аткара билүүсү керек:**<br>- компьютерде структуралык-логикалык таблицаларды, схемаларды түзүүнүн ыктарын, жолдорун;<br>- билим берүүнүн конкреттүү милдеттерин чечүүдө | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | программалаштыруунун тилин тандоонун методдорун. | | | |
| | **Вариативдүү бөлүк (билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр кесиптик орто окуу жайлары-нын КББНП менен аныкталышат)** | **2 кредит** | | |
| | Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>**билүүсү керек:**<br>- табияттын илимий дүйнө сүрөтүнүн негизги мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, жаратылыштагы адамдын ордун жана ролун.<br>**жасай билүүсү керек:**<br>- кесиптик ишмердикте табиятка байланыштуу илимий билимдерди колдонууну.<br>**аткара билүүсү керек:**<br>- бүт ааламдын илимий дүйнө сүрөтүнө ээ болууну. | | Экологиянын негиздери | ЖК-5,6,7, |
| **КОББ 3.** | **Кесиптик цикл** | **75 кредит** | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60 кредит** | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүгө тийиш:**<br>- билим берүүнүн жана кесиптик ишмердиктин баалуулуктук негиздери; педагогикалык ишмердиктин жана билим берүүнүн укуктук нормалары;<br>- билим берүү процесстеринин маңызын жана структурасын;<br>- көп маданияттуу жана көп улуттуу коомдун шарттарындагы педагогикалык процесстин өзгөчөлүктөрү; дүйнөлүк тарыхый -педагогикалык процесстин өнүгүү тенденциялары, дүйнөдөгү билим берүүнүн азыркы этабынын өзгөчөлүктөрү; - Кыргызстандагы билим берүү системасынын өнүгүшү, мамлекеттик билим берүү саясатынын принциптери;<br>- педагогикалык негизги түшүнүктөр; бүтүндүктүү педагогикалык процесс;<br>- мектепке чейинки педагогиканын предмети жана методдору; мектепке чейинки билим берүүнүн жана тарбиялоонун максаты жана милдеттери, азыркы программалары жана концепциялары;<br>**жасай алууга тийиш:**<br>- мектепке чейинки баланы окутуунун, тарбиялоонун жана рухий -нравалык өнүктүрүүнүн теориялары жана технологияларын колдунуу;<br>- мектепке чейинки курактагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун максаты, милдеттери, мазмуну, принциптери, формалары, методдору, каражаттары; окутуунун жана тарбиялоонун жаңы | **7 кредит** | Мектепке чейинки<br><br>педагогика | ЖК-1<br>ЖК-5<br>КЖ-5<br>КК-1-2-9 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | технологияларын колдонуу;<br> - мектепке чейинки балдардын физиологиялык жана психикалык өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү, алардын эрте жана мектепке чейинки балалык курактарындагы билим берүү процессиндеги көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо;<br>- мектепке чейинки балдарды психологиялык жана педагогикалык иликтөөнүн ыкмалары: наристе бүтүндүктүү педагогикалык процесстин субъектиси катары; билим берүүдөгү инсанга багытталган подход;<br> - балдардын мотивациясынын жана жөндөмдүүлүктөрүнүн окуу процессинде өнүктүрүүнүн психологиялык - педагогикалык шарттарын аныктоо, окутууну жана тарбиялоону дифференциациялоо жана жекечелештирүү жол менен иштөө; педагогдун баалоочулук ишмердигинин психологиялык –педагогикалык негиздерин эске алуу менен колдонуу ;<br> - мектепке чейинки балдардын ишмердигинин негизги түрлөрү, алардын мүнөздөмөсү: оюн, окуу-таанып билүү, эмгектик, көркөм ишмердиктери, баарлашуу; балдардын ишмердигин башкаруу методикасы; билим берүү мекемесиндеги балдардын жашоосун уюштуруу;<br> **аткара билүүгө тийиш:**<br>- мектепке чейинки мекеменин үй-бүлө менен иштөөсүнүн мазмуну жана формалары; мектепке чейинки мекеме менен мектептин ишиндеги улантуучулук;<br> - үй-бүлөлүк педагогиканын жана үйдөгү тарбиянын негиздери: үй-бүлө педагогикалык карым-катыштын субъектиси жана баланын өнүгүшүнүн социалдык-маданий чөйрөсү катары; азыркы мезгилдеги үй-бүлөнүн функциялары, анын мүнөздөмөсү; үйбүлөлүк тарбиянын күчүн жана таасирдүүлүгүн аныктаган факторлор; үйбүлөлүк тарбиянын милдеттери жана мазмуну; педагогдун ата-энелер менен карым-катышынын методдору, ыкмалары жана жолдору, алардын өзгөчөлүктөрү<br> - билим берүү мекемесинин ар кыл түрлөрүнүн жана типтеринин шарттарындагы педагогикалык процессти уюштуруунун жана мазмунунун өзгөчөлүктөрү; балдардын мектепке чейинки мекемесин башкаруу. | | | |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br> **билүүсү керек:**<br> - психология илиминин өзгөчөлүктөрүн, анын педагогика илими жана | **6 кредит** | Психология (мектепке чейинки курак) | ЖК-1<br>ЖК-10<br>КК-1-16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | практикасы менен болгон байланышын;<br>- инсандын психологиясынын негиздерин; - билим берүү процессинин субьекти болгон адамдын психикасынын, инсандын жана жекече өзгөчөлүктөрдүн өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн;<br>- куракты мезгилдерге бөлүштүрүүнү;<br>- адамдын психологиясынын, курак жана педагогикалык психологиянын негиздерин, мектепке чейинки курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн;<br>- мектепке чейинки курактагы балдарды окутуунун интерактивдик технологияларын жана методикаларын;<br>- мектепке чейинки курактагы балдардын куруктык, жыныстык, типтүү жана жекече өзгөчөлүктөрүн, аларды окуу жана тарбия процесстеринде эске алууну;<br>- мектеп жана мектепке чейинки курактагы балдардын баарлашуусунун жана топтук жүрүм -турумунун өзгөчөлүктөрү н ;<br>- топтун динамикасын ;<br>-балдардын психологиялык жана жекече өзгөчөлүктөрү н;<br>- инсанды социалдаштыруу процессинин өзгөчөлүктөрү н;<br>- иштиктүү баарлашуунун негиздерин;<br>- бала бакчадагы жана социалдык дезадаптация, девианттык жүрүм -турум түшүнүктөрү н, алардын себептери н, ко р рекциялоонун жана алдын алуунун психологиялык негиздери н ;<br>- чыгармачылыктын психологиясынын негиздерин .<br>– ар кайсы курактагы психикалык өнүгүүнүн мыйзамченемдүүлүктөрү н жана анын билим берүү процессинде көрүнүү өзгөчөлүктөрү н;<br>- балдардын психологииялык жана педагогикалык жактан изилдөөнүн ыкмалары н;<br>- педагогикалык процесстин ар кандай субьектилери менен педагогдун өз ара кызматташуусунун өзгөчөлүктөрүн;<br>- өз ара карым -катыш түзүүнүн ыкмаларын - билим берүү тутумунда социалдык өнөктөштүктүн өзгөчөлүктөрн ; - кесиптик өзүн -өзү таанып -билүүнүн жана өзүн -өзү өстүрүүнүн ыкмалары н ;<br>- балдардын окуу ишмердигинин жана таанып -билүү процесстеринин психологиялык өзгөчөлүктөрүн ;<br>**жасай билүүсү керек:**<br>- педагогикалык маселелерди чечүүдө психологиялык билимдерин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин колдонууну ;<br>- балдардын жекече жана типологиялык | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өзгөчөлүктөрүн аныктоону;<br> - кесиптик модулдарды жана кесиптик ишмердикти үйрөнүүдө психологиялык дисциплиналарды окуп үйрөнүүдө алган билимдерди колдонууну ;<br>**аткара билүүсү керек:**<br>-көңүл буруусун топтоштурууну, маалыматтарды эстеп калуунун ыкмаларын, өзүнүн психикалык процесстерин башкарууну, өзүн -өзү көзөмөлдөөнү, өз жүрүм-турумун жөнгө салууну;<br> - инсанды изилдөөнүн жана окуучулардын жекече-типтүү өзгөчөлүктөрүн аныктоонун методдорун. | | | |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br> **билүүгө тийиш:**<br> -окутуунун методдорун, ыктарын, жолдорун жана каражаттарын.<br>-дисциплинанын окуунун максатын, милдетин.<br>- педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгүн.<br>- педагогикалык чеберчиликтин структурасын.<br>- кесиптик даярдыкты калыптандырууну<br>-чеберчилик курсун уйрөнүүнүн принциптерин.<br>-педагогикалык такт түшүнүгүн.<br>-педагогикалык позиция түшүнүгүн.<br> -педагогикалык баарлашуу жана башкаруу стили.<br>- педагогикалык баарлашуунун стили мазмуну жана каражаты.<br>-тарбиялоо процесси жана анын максаттарын.<br>-адистик компетентүүлүктү.<br>**Колдоно билүүсү:**<br>- бала бакчадагы процессти пландаштыру,анализдөө.<br> - педагогикалык кырдаалдарды прогноздоо.<br> - психологиялык-педагогикалык диагностиканы жүргүзүү | **2 кредит** | Педагогикалык чеберчиликтин негиздери | ЖК-1<br>ЖК-10<br>КК-1-16 |
| | Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>**билүүгө тийиш:**<br> -баланын өсүшүндөгү педагогдордун ролун анализдей алат;<br> -сенсордук тарбиялоо боюнча дидактикалык оюндарды кантип пайдаланууну билет;<br> -окутуу жана тарбиялоо процессинде усулдук негизги категоряларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү; | **2 кредит** | Коррекциялык педагогика | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | -окуу системасында окуу планында сунушталган билимдерди жана өздөштүрүлгөн билимдерди практикалоону; -кесиптик ишмердүүлүккө калыптанууда өз ишмердүүлүктөрүн көзөмөлдөөнү;<br>**аткара билүүгө:**<br>-Блумдун таксономиясынан суроолорду жана тапшырмаларды түзүүдө колдоно алышат;<br>**Студент колдоно алат:**<br>-тарбиялоо максатын аныктоодо эске алуучу принциптерди талдай алышат;<br>- окуу системасында окуу планында сунушталган билимдерди жана өздөштүрүлгөн билимдерди практикалоону; - Өзүнүн болочоктогу кесибин маани – мазмуунун социалдык маанисин түшүнүү аны өздөштүрүүгө такай кызыгууну;<br>- Жеке ишмердүүлүгүн уюштуруу ,кесиптик тапшырмаларды аткаруу ыкмасын жана усулдарын аныктоону; Кесиптик жана инсандык өнүгүүгө, кесиптик тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууга зарыл болгон маалыматтарды издеп табууну, пайдаланууну жана чечмеленү;<br>- Кесиптик ишмердүүлүктүн максаты ,милдети, мазмуну жана технологиялары өзгөрүп, жаңыланып жаткан шартта кесиптик ишмердүүлүгүн аткарууну | | | |
| | **Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент: билүүсү керек:**<br>- кишинин анатомиясынын, физиологиясынын жана гигиенасынын терминологиясын жана негизги түшүнүктөрүн;<br>-адам организминин өсүп-өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн;<br>-дени сак кишинин органдар системасынын түзүлүшүн жана функциясын;<br>- киши организминдеги тиричиликтин негизги процесстеринин физиологиялык мүнөздөмөсүн;<br>- физиологиялык жетилүү процесстеринин жана баланын өнүгүүсүнүн анын дене-боюна жана психикалык иш жөндөмдүүлүгүнө, жүрүм-турумуна тийгизген таасирин;<br>- мектепке чейинки курактагы балдардын анатомиясынын жана | 3 кредит | Курактык анатомия, физиология жана гигиена | ЖК- 4<br>ЖК-6<br>КК – 11<br>КК – 15 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | физиологиясынын өзгөчөлүктөрүн жана бала бакча шартында санитардык-гигиеналык талаптардын сакталышын камсыз кылууну;<br>- балдардын жана өспүрүмдөрдүн гигиенасынын негиздерин;<br>- онтогенездин ар кайсы этаптарында ден соолукту сактоонун жана бекемдөөнүн гигиеналык нормаларын, эрежелерин жана талаптарын;<br>- жугуштуу оорулардын алдын алуунун негиздерин;<br>- окуу-тарбия процесстерине, имараттын жана кааналарынын абалына коюлуучу гигиеналык талаптарды.<br>**жасай билүүсү керек:**<br>- органдардын, дене бөлүктөрүнүн түзүлүшүн жана жайгашуусунун топографиясын аныктоону;<br>- кесиптик модулдарды үйрөнүүдө жана кесиптик ишмердикте анатомиядан, физиологиядан жана гигиенадан алган билимдерин колдонууну;<br>- балалык жана өспүрүм куракта адамдын организминин өнүгүүсүн жана өз функциясын аткарууда тышкы чөйрөнүн факторлорунун таасирин баалай билүүнү;<br>- медициналык кызматкерлердин жардамында балдарды оруулардан алдын алуу максатында атайын иш чараларды жүргүзүүнү;<br>- балдардын окуусун уюштурууда каанадагы гигиеналык талаптардын сакталуусун камсыз кылууну;<br>- билим берүү процессин уюштурууда балдардын иш жөндөмдүүлүгүндөгү өзгөчөлүктөрдү эске алууну.<br>**аткара билүүсү керек:**<br>- балдардын өмүрүн жана ден соолугун сактоонун зарыл ыкмаларын. | | | |
| | **1.Жалпы башталгыч билим берүүнүн программасы боюнча окутуу.**<br>Циклдын базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>**билүүсү керек:**<br>- бала бакчадагы окуу жана тарбия, тааныпбилүү процесстеринин өзгөчөлүктөрүн;<br>- жалпы мектепке чейинки берүү стандартынын жана үлгү окуу программаларынын талаптарын;<br>- мектепке чейинки билим берүү программаларын жана окуу-методикалык комплектерин; | **5 кредит** | Эне тили | ЖК-1<br>ЖК-10<br>КК-1-16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - мектепке чейинки жана башталгыч жалпы билим берүү программаларынын уламалуулук (преемственность) маселелерин;<br>- тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгүн;<br>- педагогикалык ишмердикте жана окутууда максатты көздөп аракеттенүүнүн (целополаганиянын) логикасын жана маанисин;<br>- окутуу жана тарбиялоонун формаларын, методдорун жана каражаттарын, алардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жана колдонуу шарттарын; жасай билүүсү керек: - сабакка даярданууга зарыл болгон методикалык адабияттарды ж.б. маалымат булактарын издеп табууну жана пайдаланууну;<br>- сабактын, курактын, айрым окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө жана санитардык-гигиеналык нормаларга коюлуучу талаптарга ылайык, сабактын максатын, милдеттерин аныктоону жана аларды пландаштырууну;<br>**аткара билүүсү керек:**<br>- окуу жана тарбия процессинин жүрүшүн жана окуу-тематикалык пландарды талдоонун методикасын, аны өркүндөтүү багытында сунуштарды берүүнү; - курактын, класстын жана айрым балдардын өзгөчөлүктөрүн эске алып,балдардын жетишкендиктерин баалоонун жана диагностикалоонун методикаларын колдонууну; - окутууга тиешелүү документтер менен иштей алууну. | | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студент: билүүгө тийиш:**<br>- балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн милдеттерин;<br>- балдарды байланыштуу монологдук, диалогдук кепке үйрөтүүнүн мазмуну жана методдору;<br>- кептин грамматикалык түзүлүшүнүн калыптанышы, балдардын сөз байлыгынын байышы;<br>- сөздөрдү туура айтууну калыптандыруу;<br>- көркөм адабият менен тааныштыруу;<br>- окуу-жазууга үйрөтүүнүн методикасы;<br>- сүйлөө дефектологиясынын жалпы негиздери; сүйлөөнүн бузулушунун мүнөздөмөсү жана аны классификациялоонун принциптери; | **4 кредит** | Балдардын кебин өстүрүүнүн методикасы | ЖК-2-7<br>КК-14,16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тыбыш айтуунун кемчиликтери; муун түзүүнүн жана фраза түзүүнүн кемчиликтери; сүйлөө темпинин кемчиликтери; кекечтик; угуунун жана үндүн кемчиликтери; массалык балдар бакчасында логопеддик ишти уюштуруу;<br>- мектепке чейинки балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүү боюнча заманбап билим берүү программалары. аткара билүүгө тийиш:<br>- балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн методдорун практикада колдонуу, мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарынын негизинде, балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен логопеддик иш жүргүзүү;<br>- балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүү үчүн .Баланын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн теориясы жана усулу предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө түзүү;<br>- бала бакчада сүйлөө өнүктүрүү сабактарын уюштуруу;<br>- сабактан тышкары, күнүмдүк жашоодо балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүү;<br>- мектепке чейинки балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн заманбап технологияларын пайдалануу;<br>- мектепке чейинки балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүү боюнча окуу-методикалык адабияттар менен жана документация менен иштөө;<br>- балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүү методикасынын бардык бөлүмдөрү боюнча сабактардын планын, перспективалуу (бир айга, кварталга) пландарды иштеп чыгуу. | | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүгө тийиш:**<br>- балдар адабиятынын балдарды тарбиялоодогу орду;<br>- эл оозеки чыгармачылыгы жана анын баланын инсандыгын калыптандыруудагы ролу; балдар фольклору; дүйнө элдеринин фольклорунун кичи формалары;<br>- кыргыз эл жомоктору, башка элдердин жомоктору;<br>- кыргыз балдар адабиятынын жаралышы, калыптанышы жана өнүгүшү; котормо адабият; азыркы балдар адабияты; чет элдердин балдар адабияты; | 4 кредит | Балдар адабияты жана көркөм окутуу | ЖК-4,7<br>КК-3,5,16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - көркөм окуунун мектепке чейинки балдардын көркөмдөө-сүйлөө ишмердигин өнүктүрүүдөгү ролу;<br>- сүйлөө техникасы: дем алуу, дикция, орфоэпия, окуу логикасы, пауза, мимика жана жаңдоо;<br>- кичи фольклордук формаларды аткаруунун өзгөчөлүктөрү; жомок айтып берүү;<br>- ырларды жана прозалык чыгармаларды окуу.<br>**аткара алууга тийиш:**<br>- мектепке чейинки мекеменин курактык топторунун ар бири үчүн программалык талаптарга ылайык балдар адабиятынын чыгармаларын туура тандоо; балдар адабиятынын картотекасын түзүү;<br>- балдар адабиятынын чыгармаларын көркөм окуу, айтып берүү жана өз сөзү менен айтуу;<br>- балдар адабиятынын чыгармаларын окууда жана айтып берүүдө көрсөтмө куралдарды, окутуунун техникалык каражаттарын жана заманбап технологияларды колдонуу;<br>- көркөм чыгармаларды сахналаштыруу; балдардын театралдашкан ишмердигин уюштуруу;<br>- балдар китептердин иллюстрацияларын көрүшү үчүн, көркөм чыгармаларды окушу үчүн өнүктүрүүчү чөйрө түзүү. | | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөтүүнүн натыйжасында студент**: **билүүгө тийиш:**<br>- математиканы окутуу методикасынын теориялык негиздери, математикалык өнүктүрүүнүн заманбап концепциялары жана методикалык системалары;<br>- мектепке чейинки куррактагы балдардын математикалык түшүнүктөрүнүн өнүгүш өзгөчөлүктөрү;<br>- мектепке чейинки курактагы балдарды математикалык даярдоонун милдеттери, мазмуну, каражаттары: балдарды санакка, эсептөө ишмердигине, өлчөөгө, маселе чыгарууга үйрөтүү; чоңдук менен, форма менен, убакыт жана мейкиндик менен тааныштыруу;<br>- ар кыл курактык топтордогу балдарды математикалык өнүктүрүүнүн дидактикалык негиздери;<br>- окутуу менен балдардын математика боюнча өз алдынча ишмердигинин катышы; - балдардын бала бакчадагы | **6 кредит** | Мектепке чейинки курактагы балдарды математикалык өнүктүрүүнүн методикасы | ЖК-3,5<br>КК-1,9,14 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жана мектептеги математикалык өнүгүшүндөгү улантуучулук;<br> - ар кыл курактуу топто иштөө методикасынын өзгөчөлүктөрү;<br> - балдарга математиканы окутуунун заманбап билим берүү программалары.<br>**аткара билүүгө тийиш:**<br> - мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарынын негизинде, балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен математиканы окутуу методикасынын жана мектепке чейинки курактагы балдарды математикалык өнүктүрүүнүн негиздерин практикада колдонуу;<br> - балдарга математиканы окутуу жана өз алдынча ишмердигин уюштуруу үчүн предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө түзүү;<br> - бала бакчада математиканы окутуу боюнча сабактарды уюштуруу, сабактан тышкаркы учурда математикага окутуу;<br> - мектепке чейинки балдарга математиканы окутуунун заманбап технологияларын колдонуу;<br> - мектепке чейинки балдарга математиканы окутуу боюнча окуу-методикалык адабияттар жана документация менен иштөө;<br> - математиканы окутуу боюнча сабактардын планын, перспективалуу (бир айга, кварталга) пландарды иштеп чыгуу | | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент: билүүгө тийиш:**<br> - мектепке чейинки балдарга экологиялык билим берүүнүн теориялык негиздери;<br> - мектепке чейинки куракта экологиялык маданияттын башаттарын калыптандыруу;<br> - мектепке чейинки балдарда элементардык табияттаануучулук түшүнүктөрдү калыптандыруунун жолдору;<br> - мектепке чейинки мекемелер үчүн учурдагы билим берүү программаларынын анализи;<br> - мектепке чейинки мекемедеги өнүктүрүүчү чөйрөнү курууга экологиялыкмазмундук подход;<br> - мектепке чейинки курактагы балдарга экологиялык билим берүүнүн методдору жана формалары;<br> - жаратылыштагы мезгилдик | **4 кредит** | Экологиялык билим берүүнүн методикасы | ЖК-6,9<br>КК-3,9,13 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өзгөрүүлөр; - адамдын табияттык өзгөчөлүктөрү менен таанышуу;<br>- табиятка карата жана табияттын бир бөлүгү катары өзүнө карата баалуулуктук мамилени өнүктүрүү; туулган жердин табияты;<br>- ар кыл курактуу топто иштөө методикасынын өзгөчөлүктөрү.<br>**аткара билүүгө тийиш:**<br>- мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарынын негизинде, балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен экологиялык билим берүүнүн методдорун жана формаларын практикада колдонуу;<br>- балдарды туулган жердин табияты менен тааныштыруу боюнча предметтикөнүктүрүүчү чөйрө түзүү;<br>- мектепке чейинки балдарды жаратылыштык экосистемалар менен тааныштыруунун заманбап технологияларын колдонуу;<br>- бала бакчада балдарды жаратылыш менен тааныштыруу боюнча сабактарды уюштуруу;<br>- балдарды жаратылыш менен сабактан тышкары тааныштырууну жүргүзүү;<br>- мектепке чейинки балдарды жаратылыш менен тааныштыруунун заманбап технологияларын колдонуу;<br>- мектепке чейинки балдарды жаратылыш менен тааныштыруу боюнча окууметодикалык адабияттар жана документация менен иштөө;<br>- балдарды жаратылыш менен тааныштыруу боюнча сабактардын планын, перспективалуу (бир айга, кварталга) пландарды иштеп чыгуу. | | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент: билүүгө тийиш:**<br>- сүрөт өнөрү, анын түрлөрү;<br>- сүрөттүк сабаттуулуктун негиздери;<br>- Кыргызстандын, дүйнө элдеринин декоративдик-прикладдуу өнөрү;<br>- сүрөт материалдарынын жана техникасынын өнүгүшү;<br>- сүрөт материалдарынын жана техникасынын көп түрдүүлүгү;<br>- мектепке чейинки балдардын сүрөт ишмердигинин мазмуну, түрлөрү жана өзгөчөлүгү: сүрөт, ийлеп жасоо, аппликация, кураштыруу;<br>- балдарды сүрөт өнөрүнүн каражаттары | **2 кредит** | Көркөм өнөр ишмердүүлүгүнө окутуунун методикасы | ЖК-1,3<br>КК-4,9,16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | менен көркөм тарбиялоо;<br>- балдардын сүрөттүк чыгармачылыгын сабакта жана сабактан тышкары өнүктүрүүнүн методикасы;<br>- мектепке чейинки балдардын өз алдынча көркөм-чыгармачылык ишмердиги<br>; - көркөм-эстетикалык өнүктүрүүчү чөйрө; - үй-бүлөдөгү көркөм тарбия;<br>- мектепке чейинки балдардын жана кенже мектеп курагындагы балдардын сүрөттүк чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү улантуучулук;<br>- ар кыл куракту топто иштөө методикасынын өзгөчөлүгү;<br>- балдардын сүрөт чыгармачылыгын сабакта жана сабактан тышкары өнүктүрүүнүн заманбап билим берүү программалары.<br>**аткара билүүгө тийи:**<br>- сүрөт чыгармачылыгынын техникасына ээ болуу;<br>- мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарына ылайык, балдардын куракттык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сүрөт чыгармачылыгын сабакта жана сабактан тышкары өнүктүрүүнүн методикасын практикада колдонуу;<br>- көркөм-эстетикалык өнүктүрүүчү чөйрө түзүү;<br>- балдарга сүрөт ишмердигин сабакта жана сабактан тышкары окутуу боюнча иштерди, балдардын сүрөттөрүнүн көргөзмөсүн пландаштыруу жана уюштуруу;<br>- балдарга сүрөт ишмердигин окутуунун заманбап технологияларын колдонуу;<br>- мектепке чейинки балдарды сүрөт ишмердигине окутуу боюнча окууметодикалык адабияттар жана документациялар менен иштөө. | | | |
| | Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>**билүүгө тийиш:**<br>- баланын мектепке чейинки билим берүү системасындагы физикалык өнүгүшүнүн маселелери;<br>- баланын дене тарбиясынын теориясынын жалпы маселелери; дене тарбиянын милдеттери жана каражаттары; туулгандан баштап 7 жашка чейин баланын эрксиз кыймылдарынын өнүгүшү; физикалык көнүгүүлөрдөгү өз алдынчалыгын жана | **2 кредит** | Дене тарбияны окутуунун методикасы | ЖК-4,8<br>КК-6,9,15 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | чыгармачылыгын өнүктүрүү; баланы кыймылдык көндүмдөргө жана билгичтиктерге үйрөтүүнүн негиздери; психикалык -физикалык сапаттардын өнүгүшү менен кыймылдык көндүмдөрдүн калыптанышынын өз ара байланышы;<br> - балдарды физикалык көнүгүүлөргө үйрөтүүнүн мазмуну жана методикасы: гимнастика, кыймылдуу оюндар, спорттук оюндар, мектепке чейинки балдар үчүн көнүгүүлөр жана элементардык туризм;<br> - баланын кыймылдык ишмердигинин ар кыл түрлөрүн өткөрүүнүн уюштурулушу жана методикасы;<br> - балдардын күн ичиндеги кыймылдык активдүүлүгүн уюштуруунун методикасы;<br> - үй-бүлөдөгү дене тарбия; ата-энелер менен иштөө; - баланын дене тарбиясы жана физикалык өнүктүрүү боюнча иштерди пландаштыруу;<br> - ар түрдүү курактык топтордогу дене тарбиянын жана физикалык өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү;<br> - баланын дене тарбиясы жана денесин өнүктүрүү боюнча заманбап билим берүү программалары.<br> **аткара билүүгө тийиш:**<br> - дене тарбия жана спорт менен машыгуу;<br> - мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарына ылайык, балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабакта жана сабактан тышкары дене тарбиясын берүү методикасын практикада колдонуу;<br> - балдардын физикалык өнүгүшү үчүн чөйрө түзүү;<br> - сабакта жана сабактан тышкары дене тарбия жана балдарды физикалык өнүктүрүү боюнча иштерди пландоо жана уюштуруу;<br> - мектепке чейинки балдарды физикалык өнүктүрүүнүн заманбап технологияларын колдонуу;<br>- тарбиясы боюнча окуу-методикалык адабияттар жана документация менен иштөө. | | | ЖК-4,10 |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:** | **2 кредит** | Музыкалык өнүктүрүүнүн методикасы | ЖК-4,10<br><br>КК-7,11,14 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **билүүгө тийиш:**<br><br>- музыка көркөм өнөрдүн түрү катары; музыкалык жанрлар; музыкалык сабаттын элементтери; - музыкалык кептин структурасы; ырчылык көндүмдөрдү өнүктүрүү; - балдар музыкалык адабияты; элдик музыкалык чыгармачылык; - мектепке чейинки балдарды ар кыл курактык этаптарда музыкалык өнүктүрүүнүн максаты жана милдеттери; - мектепке чейинки балдарды музыкалык өнүктүрүүнүн салттуу жана вариативдүү программалары; заманбап билим берүү программалары; - балдардын музыкалык ишмердигин уюштуруунун мазмуну, түрлөрү жана формалары; - балдардын музыкалык өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүктөрү; музыкалык жөндөмдүн структурасы; - балдарды дүйнөлүк жана улуттук музыкалык маданиятка кызыктыруунун методикасы; - ар кыл курактуу топто балдарды музыкалык өнүктүрүү боюнча иштөө методикасынын өзгөчөлүктөрү. **билүүгө тийиш:**<br><br>- ритмиканын балдарды музыкалыкэстетикалык өнүктүрүүдөгү ролу; - музыкалык элестүүлүктүн каражаттары; ритмикалык кыймылдардын түрлөрү; мектепке чейинки балдардын музыкалыкритмикалык көндүмдөрүн, таянычкыймылдык аппаратын өнүктүрүү.<br><br>**аткара билүүгө тийиш:**<br><br>- балдар үчүн музыкалык чыгармаларды аткаруу; - мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарына ылайык, балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабакта жана сабактан тышкары музыкалык өнүктүрүү методикасын практикада колдонуу; - балдар үчүн музыкалык-эстетикалык чөйрө түзүү; - сабакта жана сабактан тышкары балдарды музыкалык тарбиялоо жана өнүктүрүү боюнча иштерди пландоо жана уюштуруу; - мектепке чейинки балдарды музыкалык өнүктүрүү боюнча заманбап технологияларды колдонуу; - мектепке чейинки балдарды музыкалык тарбиялоо | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | боюнча окуу-методикалык адабияттар жана документация менен иштөө. | | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br><br>**билүүгө тийиш:**<br><br>- көркөм кол эмгек үчүн пайдаланылуучу материалдар; куралдар (инструменттер) жана аларды иштетүү үчүн жабдуулар; коопсуздук техникасы; кагазды, кездемени, жаратылыштык материалды иштетүүнүн техникасы; аппликациянын, көлөмдүү жасалгаларды курaштыруунун, жумшак оюнчукту жасоонун, куурчак үчүн кийим тигүүнүн, майрамдык кийим тигүүнүн технологиялары; театрдын ар кандай түрлөрү үчүн куурчактарды даярдоонун технологиясы, балдарга материалды иштетүүнүн ыкмаларын үйрөтүүнүн методикасы. аткара билүүгө тийиш: - көркөм кол эмгек үчүн материал менен, инструмент жана жабдуулар менен иштөө; - ар түрдүү нерселерди, жасалгаларды, сувенир, көрсөтмө куралдарды ж.б. жасоо; - мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарына ылайык, балдардын куракты жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабакта жана сабактан тышкары көркөм кол эмгекке үйрөтүү методикасын практикада колдонуу; - балдарды көркөм кол эмгекке үйрөтүү боюнча предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө түзүү; - сабакта жана сабактан тышкары балдарды көркөм кол эмгекке үйрөтүү боюнча иштерди пландоо жана уюштуруу; - балдарды көркөм кол эмгекке үйрөтүү үчүн заманбап технологияларды колдонуу; - мектепке чейинки балдарды көркөм кол эмгекке үйрөтүү боюнча окуу-методикалык адабияттар жана документация менен иштөө; - балдардын кол эмгек иштеринин көргөзмөсүн уюштуруу | **2 кредит** | Көркөм кол эмгек жана конструкциялоо боюнча практикум | ЖК-3,5,7<br><br>КК-3,9,16 |
| | | | Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникативдик технологияларды пайдалануу | ЖК – 3<br><br>ЖК-4<br><br>КК-4<br><br>КК-6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | КК-8 |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүгө тийиш:**<br>- Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүүнү жаңыртуунун учурдагы тенденциялары;<br>- Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» мамлекеттик билим берүү стандарты жана башка нормативдикинструктивдик документтер;<br>- мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоонун, окутуунун жана өнүктүрүүнүн вариативдүү программалары;<br>- альтернативдүү мектепке чейинки билим берүү мекемелери;<br>- мектепке чейинки билим берүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасы; аткара билүүгө:<br>- Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» мамлекеттик билим берүү стандарты менен жана башка нормативдикинструктивдик документтер менен иштөө;<br>- мектепке чейинки балдарды окутуу жана тарбиялоо боюнча окуу-методикалык адабияттар жана документация менен иштөө;<br>- мектепке чейинки тарбиялоо жана билим берүү маселелери боюнча илимийметодикалык портфолио түзүү | **3 кредит** | Мектепке чейинки билим берүүнү уюштуруунун теориялык негиздери | ЖК-1-10<br>КК-1-16 |
| | ***Вариативдик бөлүк, анын ичинде студенттин тандоосу боюнча курстар*** | ***15 кредит*** | | |
| | **Вариативдик бөлүк** | **11 кредит** | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүгө тийиш:**<br>- Мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачыл мшмердүүлүгүн уюштуруу;<br>- Балдардын оюн ишмердүүлүгүн үйрөтүүнүн мазмуну жана методдорун;<br>- Балдардын оюн аркылуу чыгармачыл өнүгүүлөрдүн калыптанышы, ар тараптуу өнүгүшүү;<br>- Сабактан тышкаркы күнүмдүк | **5 кредит** | Мектепке чейинки билим берүүдө оюн технологиялары | ЖК-1.<br>ЖК-10.<br>КК –1- 16. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жашоодо балдардын өз ара мамилелешүүсүн;<br>- мектепке чейинки балдардын ишмердүүлүгү боюнча эаманбап билим берүү программалары; аткара билүүгө:<br>- Балдардын оюнда болгон активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн методдорун практикада колдонуу;<br>-мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүнпредметтик өнүктүрүүчү чөйрө түзүү ;<br>- мектепке чейинки тарбиялоо жана билим берүүдө заманбап технологияларды колдонуу. | | | |
| | **Циклдин милдеттүү бөлүгүн окупүйрөнүүнүн натыйжасында студент:**<br>**билүүгө тийиш:**<br>-баланын өсүшүндөгү педагогдордун ролун анализдей алат;<br>-сенсордук тарбиялоо боюнча дидактикалык оюндарды кантип пайдаланууну билет;<br>-окутуу жана тарбиялоо процессинде усулдук негизги категоряларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү;<br>-окуу системасында окуу планында сунушталган билимдерди жана өздөштүрүлгөн билимдерди практикалоону;<br>-кесиптик ишмердүүлүккө калыптанууда өз ишмердүүлүктөрүн көзөмөлдөөнү; аткара билүүгө:<br>-Блумдун таксономиясынан суроолорду жана тапшырмаларды түзүүдө колдоно алышат;<br>**Студент колдоно алат:**<br>-тарбиялоо максатын аныктоодо эске алуучу принциптерди талдай алышат;<br>- окуу системасында окуу планында сунушталган билимдерди жана өздөштүрүлгөн билимдерди практикалоону;<br>- Өзүнүн болочоктогу кесибин маани – мазмуунун социалдык маанисин түшүнүү аны өздөштүрүүгө такай кызыгууну;<br>- Жеке ишмердүүлүгүн уюштуруу ,кесиптик тапшырмаларды аткаруу ыкмасын жана усулдарын аныктоону; -Кесиптик жана инсандык өнүгүүгө, кесиптик тапшырмаларды ийгиликтүү аткарууга зарыл болгон маалыматтарды издеп табууну, | **3 кредит** | Психокоррекциянын негиздери жана балдарды өнүктүрүүчү иштер | ЖК-2,3<br>КК- 5, 12<br>КК-16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | пайдаланууну жана чечмелеңү;<br> - Кесиптик ишмердүүлүк түн максаты ,милдети, мазмуну жана технологиялары өзгөрүп, жаңыланып жаткан шартта кесиптик ишмердүүлүгүн аткарууну | | | |
инсан психологиясынын негиздери; ишмердүүлүктүн психологиялык негизи; ишмердүүлүктүн түзүлүшү; таанып-билүү процесстери; психикалык процесстер; сезүү жана кабыл алуу; көңүл буруу жана кыялдануу; көңүл буруунун жана кыялдануунун өзгөчөлүктөрү; ойлоо жана эс; ойлоонун социалдык табияты; эстин мааниси; кептин психологиялык табияты; балдарда кептин өнүгүшү; баарлашуу психологиясынын негиздери; баарлашуунун табияты; конфликттин (чыр-чатактардын) психологиясы; конфликттен чыгуу жолдору; инсандын эрктик-эмоционалдык тарабы; эрктик өзгөчөлүктү аныктоо; эмоциялар жана сезимдер; индивидуалдык-типологиялык өзгөчөлүктөр; темперамент жана мүнөз; курак психологиясынын негиздери; курак психологиясынын предмети; психикалык өнүгүүнүн факторлору жана механизмдери; психикалык өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү; эрте жаш балалык курактагы балдардын психикалык өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү; эрте жаш балалык курактагы балдардын инсандык өнүгүүсү; эрте жаш балалык курактагы балдардын ишмердүүлүгү; эрте жаш балалык курактагы балдардын баарлашуусу; мектепке чейинки курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү; мектепке чейинки курактагы балдардын инсандык сапаттарынын калыптанышы; мектепке чейинки курактагы балдардын ишмердүүлүгү; мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсүнүн социалдык кырдаалы; эрте жана мектепке чейинки куракта балдардын инсандык калыптануусу; оюн психологиясы; оюндардын түрлөрү; мектепке чейинки курактагы балдардын оюн ишмердүүлүгүнүн аспектилери; балдардын мектепке даярдыгы; окутуунун психологиялык негиздери; өнүктүрүүчү окутуу; мектепке чейинки мекемеде окутуу; окутуу чөйрөсү; тарбиялоонун психологиялык негиздери; мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо; мектепке чейинки курактагы балдардын социалдык өнүгүүсү; балдарга карата мамиле; эрте жана мектепке чейинки курактагы балдардын баарлашуусу; эрте жана мектепке чейинки курактагы балдарда аутизм проблемасы; педагогикалык ишмердүүлүктүн психологиясы; Тарбиячынын адистик багытын баалоо.

**Педагогикалык чеберчилик негиздери**
**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

Студенттердин педагогикалык чеберчиликтин негиздери курсун окутуу боюнча билимин калыптандыруу, аны калыптанышы, өнүгүшү, преспективасы жөнүндө маалымат берүү.

Педагогикалык чеберчилик курсу билим беруу сферасына да таасир тийгизуу менен замандын талабына жараша белгилуу бир ишмердуулукту аткарууда профессианалдуулук менен аткаруу талабын жаратат;

Педагогикалык курстун бөлүмдөрүн окутуу жөнүндө педагогикалык чеберчилик курсун окутуунун методикасынын жалпы теориялык билимдерин терең өздөштүрүүгө аны өркүндөтүүгө милдеттүү.

Педагогикалык чеберчилик курсун окутуунун милдети илимий–теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылат.

Педагогикалык чеберчиликтин негиздери сабактарында инсанга багытталган окутуунун методдорун колдонуугажетиштирүү.

Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, баалоонун ыктарын, техникаларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.;

Келечектеги мугалимдин маданиятын, тактын, кеп техникасын өстүрүү жана педагогикалык кесипке көздөгөн чебер чыгармачыл, активдүү аракетин калыптандыруу;

**Дисциплинанын мазмуну:** Педагогикалык чеберчилик система катарында, педагогикалык кесип, педагогикалык такт, педагогикалык позиция, педагогикалык баарлашуу, тарбялык иштерди уюштурууда мугалимдердин чеберчилиги. Практика.

Педагогикалык жөндөмдүүлүк жана чеберчилик, педагогикалык техника,

педагогикалык маданият, педагогикалык баарлашуу стили, педагогикалык баарлашуунун стили, педагогикалык баарлашуунун мазмуну, окуу процессинде сабактын орду, педагогикалык чеберчилик компетенттүүлүк алкагында.

**Коррекциялык педагогика**

**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

Аномалдуу балдардын келип чыгуу себептерин билген, аларды окутуу, тарбиялоо закон чепемдүүлүктөрүн, аномалдуулуктун түрлөрүн окутуу.

Кемчилдиги бар балдардын өсүү өзгөчөлүгү жана аларды окутуу, принциптери жөнүндө түшүнүк берүү

Баланын психологиялык өзгөчөлүктөрүн билген дүйнө кабылдоосун, мамилелешүү өзгөчөлүктөрүн түшүнгөн, карым-катнаш жасоо жолдорун өздөштүргөн, баланын-таанып билүү процесстерин калыптандыра ажан адисти даярдоо.

Таанып билүү процесстерин, личносттун жекече психологиялык касиеттерин, курактык өзгөчөлүктөрүн, окутуунун жана тарбиялоонун психологиялык аспектилерин окутуу.

Психика жана аң-сезимдин өзгөчөлүгүн өрчүп өнүгүүсүн адамдын жашоосундагы ордун үйрөтүү, инсандын коомдогу ордун мамилелешүү өзгөчөлүгүн карым-катнаш жасоо жолдорун көрсөтүү.

Психикалык өнүгүүнүн булактарын теориялык жана практикалык негизиде анализдөө жана колдонуу алынган натыйжаларды мектеп практикасында колдонуу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Педагогика жана психология предмети стандарттын тутумундагы предметтердин катарына киргизилген. Курстун максаты, милдети, негизги каралуучу проблемалар мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөн. Коррекциялык педагогика предметинин негиздери жана максаты. Аномалдуу балдарды окутуу тарбиялоо. Кемчилдиги бар балдарды мекемеге кабыл алуу. Аномалдуу балдарды мекемеге кабыл алуу. Мектепке чейинки балдардын жекече өнүгүү өзгөчөлүктөрү. Инсандын курактык өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү. Окутуу тарбиялык процессинде заманбап технологияларды колдонуу. Конфликттин алдын алуу жана жоюу.

**Курактык анатомия, физиология жана балдар гигиенасы. Дисциплинанын максаты;**

Онтогенездин ар кыл этаптарындагы организмдин түзүлүшүн, анда жүрүп жаткан процесстерди үйрөтүп ден соолукту сактоонун, чыңдоонун эрежелерин; окуу-тарбия процессине коюлган гигиеналык талаптарды туура пландай жана уюштура алуусун үйрөтүү.

**Дисциплинанын милдети:** Адамдын курак мезгилдерге карата анатомия, физиологиясынын негизин системалык билим берүү.

- Организмдин функционалдык жактан калыптануусун үйрөтүү.
- Анатомия сабактарын практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажрыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүү.
- Студент өз алдынча иштөөгө, тарбиялоого багыт алуу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Организмдин өсүп өнүгүү закон ченемдүүлүктөрү. Нерв системасы. Ички секреция бездери. Жүрөк- кан тамыр системасы. Анализаторлордун анатомиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү. Сөөк жана булчуң системасы. Тамак синирүү системасы. Дем алуу жана бөлүп чыгаруу системасы. Окуу жайлардын аба чөйрөсүөо гигиеналык талаптар.

**Эне тили**

**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

- Эне тилин окутуудагы негизги милдеттердин бири-тил, анын системалуулугу жана кеп жөнүндө зарыл болгон билимдерди берүү менен алардын оозеки жана жазуу кептериндеги орфографиялык жана стлистикалык нормалардын сакталышына көңүл буруу
- Студенттердин эне тили дисциплинасы боюнча алган билимдерин калыптандыруу, анын

калыптанышы, өнүгүшү, преспективасы жөнүндө маалымат берүү;
- Эне тили дисциплинасынын лекциялык сабактарында өтүлгөн материалдарынды практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажрыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүү;
- Курстун бөлүмдөрүн окутуужөнүндө эне тили дисцплинасынын жалпы теориялык билимдерин терең өздөштүрүүгө жана аны өркүндөтүү;
- Эне тили дисциплинасынынилимий-теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрүбоюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуу
- Адабий тилдин нормаларын билгичтик менен өздөштүрүү, сөз байлыгын арттыруу, тилдин синонимдик катмарларын, анын көркөм каражаттарын, өтмө маанилүү жана эмоцианалдуу-экспрессивдүү пикир алышуунун бардык формаларын так колдоно билүү менен, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү;
- Өз ойлорун орфоэпиялык нормалардын негизинде туура так айтууга, ар түрдүү стилдеги тексттерин көркөм окуй алууга үйрөтүү;
- Текст түзүүдө ага катышкан сүйлөмдөрдүн мазмунун айтып жаткан ойдун негизине карата туура багыттоо менен алардын сүйлөмдөрдүн ортосундагы ойдун логикалуу өнүгүшүн, сүйлөмдөрдүн өз ара ички жана тышкы байланыштарынын стилдик нормаларын так сактоого көнүктүрүү;
- Адабий окуу, кыргыз тили, эне тилин окутуунун усулу дисциплиналарында инсанга багытталган окутуунун методдорун колдонууга жетиштирүү;
- Кенже мектеп жашындагы окуучулардын кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоо, сүйлөө маданиятын калыптандыруу боюнча кесиптик билимдердин, маданиятын камсыз кылуу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Кыргыз тилинин грамматикасы. Кыргыз тилинин морфологиясы. Сөздүн тутуму: уңгу жана мүчө. Зат атооч сөз сөз түркүмү. Сын атооч сөз түркүмү. Сан атооч сөз түркүмү. Ат атооч сөз түркүмү. Этиш сөз түркүмү. Тактооч сөз түркүмү. Кыргыз тилиндеги өзгөчө сөз түркүмдөрү. Кыргыз тилиндеги кызматчы сөз түркүмдөрү. Кыргыз тилинин синтаксиси. Сүйлөм жана анын жалпы классификациясы. Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси. Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү. Сүйлөм мүчөлөрү. Сүйлөмдүн бир өнчөй мүчөлөрү. Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр.

**Балдар адабияты жана көркөм окуу**
**Дисциплинанын максаты жана милдети**

- Балдар адабияты жана көркөм окуу усулу предмети тууралуу студенттердин алган билимдерин калыптандыруу жана өнүктүрүү.
- Балдар адабияты дисциплинасы боюнча тоериялык жактан алган билимдерин практикалык сабактарда пайдалана алууга жана алардын маани-мазмунун терең кабылдоого үйрөтүү.
- Курстун бөлүмдөрүн окутуу тууралуу балдар адабияты жана көркөм окуу усулунун жалпы теориялык билимдерин терең өздөштүрүүгө, аны өнүктүрүүгө милдеттүү.
- Кенже мектеп жашындагы окуучулардын кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоону, эрежелерди туура пайдаланып сүйлөөнү, жазуу маданиятын калыптандырууну камсыз кылат.
- Балдарга арналган элдин көркөм сөз мурасын, эл ырчыларынын сөз өнөрүн кастарлап, багып келечек муундардын жан дүйнөсүн байытууга кошкон салымдарын туюнтуу.
- Балдарды жакшы жүрүм-турумга, аруулук менен адамгерчиликтин эрежелерине, принциптүү көз караш нормаларына, коом турмушунун мыйзам-ченемдерине, алыс-жакынды божомолдой билүүгө, кыраакылыкка тарбиялоо.
- Балдардын сезимтал дүйнөсүн көркөм адабияттын бай үлгүлөрү менен

тааныштыруу, акын-жазуучулардын реалдуу жашоодогу көрүнүштөрдү көркөм дүйнө менен чагылдырган көз карашын баөо сезимдери менен эстетикалык табитин кабылдоого багыттоо.

**Дисциплинанын мазмуну:** Кыргыз балдар адбиятынын саны. Балдар адабиятын көркөм окуу усулу курсунун мазмуну, максаты, милдети. Көркөм окуунун түрлөрү жана каражаттары. Көркөм окууда мугалимдин чеберчилиги. Кыргыз фольклорундагы кенже

жанр жана аларды көркөм окуунун бөтөнчөлүктөрү. Кыргыз фольклорундагы чоң жанр жана аларды көркөм окуу. Балдар адабиятындагы Манас баатырдын салттары. Кыргыз адабиятындагы жазгыч акындар жана алардын балдарга арналган чыгармалары. Кыргыз төкмө акындарынын балдарга арналган чыгармалары. Кыргыз совет балдар адабиятынын өнүгүшү, калыптануу жолу. Согушка чейинки кыргыз балдар адабияты. Согуш мезгилиндеги кыргыз балдар адабияты. Согуштан кийинки кыргыз балдар адбияты. Акын-жазуучулардын элдик чыгармаларды кайра иштеп чыккан чыгармалары. Балдар адабиятындагы кыргыз эилинин өткөн жана жаңы турмуш темасынан. Кыргыз балдар адабиятындагы котормолор. Балдарга арналган дүйнө элдеринин адабиятынан. Прозалык чыгармаларды көркөм окуу жана алардын түрлөрү.

**Баланын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн теориясы жана усулу**

**Дисциплинанын максаты жана милдети**:

Студенттердин ”Баланын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн теориясы жана усулу” предмети боюнча билимин калыптандыруу, анын өнүгүшү, переспективасы жөнүндө маалымат берүү.

”Баланын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн теориясы жана усулу”боюнча практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажырыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүү.

Дисциплинанын илимий теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылуу.

Мектепке чейинки курактагы балдардын адабий тилинин нормаларын сактоо, сүйлөө маданияттарын калыптандыруу боюнча кесиптик билимдерин, тилдик маданиятын камсыз кылуу. Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, техникаларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.

**Дисциплинанын мазмуну**: Мектепке чейинки курактагы балдардын эне тилин өстүрүүнүн негизги максаттары.Поэзия чыгармалары аркылуу балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүү. Поэзия чыгармаларын сабакта өткөрүүнүн кадамдары. Балдар ырларынын топторго бөлунүшү, сөздөрдү туура айтууга көнүктүрүү. Мектепке чейинки балдардын кебин өнүктүрүүдө жомоктордун, аңгемелердин тийгизген таасири. Кенже курактагы балдардын кебин өстүрүүдө жаңылмачтардын, табышмактардын таасири. 6 айдан 1 жашка чейинки балдар менен оюн-сабактарды өткөрүү. Бир жаштагы балдардын сөзүн өстүрүү боюнча өткөрүлүүчү оюн- сабактар жана аларды айлана чөйрөдөгүлөр менен тааныштыруу. Тексти окуу, угуу жана кыраат менен айтып берүү. Адамдын кебинин психикалык өнүгүштөр менен болгон байланышы. Сүйлөөнү түшүнүүнү,өнүктүрүү, баланын активдүү кебин өнүктүрүү. Ортоңку группаларда балдардын кебин өстүрүү жана сөз маданиятына тарбиялоо. Балдардын кебин өстүрүү. Даярдоо группасы. Эне тилди өстүрүүдө колдонулуучу методдор жана ыкмалар. Укканды кайта сүйлөп берүү. Көркөм адабият менен тааныштыруу.

**Экологиялык билим берүү усулу**

**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

Мектепке чейинки жаштагы балдарга экологиялык билим берүүнүн негизги максаты: балдардын экологиялык билимин жогорулатуу жана экологиялык маданияттуулугун өркүндөтүү.

**Дисциплинанын мазмуну:**

Экологиялык билим берүүнүн усулдары. Мектепке чейинки мекемелердеги экологиялык билим берүүнүн педагогикалык процесстеги милдеттери. Экологиялык тарбиянын мектепке чейинки курактагы балдарды өнүктүрүү концепциясы. Мектепке чейинки мекемелердеги заманбап экологиялык программала**.** Мектепке чейинки мекемедеги экологиялык усулдардын түрлөрү. Байкоо-экологиялык билимди окутууда негизги усул. Жаратылышты таанууда- оюн усулу. Жаратылышты таанууда экскурсиялык усулу. Экологиялык билим берүүдөгү педагогикалык процесске диагноз жасоо.

Балдарга өтүлүүчү сабактын тажрыйбалык структурасы. Жаратылыш бурчун уюштуруудагы талаптар. Моделдештирүү. Тарбиячынын ангемеси. Экологиялык тарбия. Экологиялык майрамдар жана оюн-зооктор. Табият таануу экскурсиясын өткөрүү усулдары. Жаратылышка экскурсия жана анын экологиялык тарбияга тийгизген таасири. Жаратылышты коргоо акциялары.

**Мектепке чейинки курактагы балдарды**
**математикалык өнүктүрүү усулу**
**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

Мектепке чейинки мекемелерде балага эң алгачкы элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруучу, алардын өз ара байланышын түшүндүрүүчү педагогду даярдоо.

Студенттердин математиканы өнүктүрүү усулу боюнча билимин калыптандыруу, аны калыптанышы, өнүгүшү, перспективасы жөнүндө маалымат берүү.

Математика сабактарын практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажырыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүүгө.

Курстун бөлүмдөрүн окутуу жөнүндө математиканы өнүктүрүү усулунун билимдерин терең өздөштүрүүгө, аны өркүндөтүүгө милдеттүү.

Математиканы өнүктүрүү усулунун илимий-теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылуу.

Мектепке чейинки жаштагы балдардын жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча кесиптик билимдерин, маданиятын камсыз кылуу.

Математика сабагында инсанга багытталган окутуунун методдорун колдонууга жетиштирүү.

Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, баалоонун ыктарын, техникаларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.

Так ойлонууга көнүгүү адатын калыптандыруу.

Абстрактуу ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү.

Заманбап тарбиячы адистигине керектүү болгон математикалык түшүнүктөр жана каражаттар менен теориялык жактан тааныштыруу.

**Дисциплинанын мазмуну**: Математиканы өнүктүрүү усулунун теориялык негизин түшүнүшөт. Мектепке чейинки мекемелерде элементардык математиканын негизги түшүнүктөрүн калыптандырууну билишет.Мектепке чейинки жаштагы балдарды окутуу жана тарбиялоонун усулдарын, формаларын, маселелерин жана максаттарын, теориялык негиздерин билишет. Математикалык өнүгүүнүн

методикалык системасын түшүнүшөт. Окутуу жана тарбиялоо усулун билишет жана колдонушат.Негизги математикалык түшүнүктөрдү балдарда калыптандыруу жолдорун аташат.Элементардык математикалык түшүнүктөрдүн өнүгүү усулун жана өзгөчөлүктөрүн формулировкалашат. Балдар бакчасында иштөөнүн илимий-усулдук негиздерин айтышат. Педагогикалык процессти уюштурууну жана ал процесстин мазмунунун өзгөчөлүгүн түшүнүшөт. Билим берүү процессин жана жыйынтыгын анализдөөгө, уюштурууга баалоого катышышат. Күнүмдук окуу-тарбия иштерин пландаштырууну билишет. Балдардын окуу-таануу ишмердүүлүгүн уюштурууну ишке ашырышат.Балдардын математикалык өнүгүүсүн камсыз кылуучу өнүктүрүү чөйрөсүн уюштурууга ээ болушат.

**Көркөм өнөр чыгармачылыгынын усулу**
**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

Студенттердин көркөм өнөр окутуунун методикасы боюнча билимин калыптандыруу, аны калыптанышы, өнүгүшү, преспективасы жөнүндө маалымат берүү.
Курстун бөлүмдөрүн окутуу жөнүндө окутуунун методикасынын жалпы теориялык билимдерин терең өздөштүрүүгө аны өркүндөтүүгө милдеттүү.
Көркөм өнөр окутуунун методикасынын илимий–теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылуу.
Көркөм өнөр предмети курчап турган дүйнөнүн көрүнүштөрүн, кубулуштарын көркөм кабылдоого,окуучуларды үйрөтөт.

Көркөм сүрөт окутуу сабагында инсанга багытталган окутуунун методдорун колдонууга жетиштирүү.

Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, баалоонун ыктарын, техникаларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.

**Дисциплинанын мазмуну:** Балдарга акыл жана тарбия берүүнүн улуулардан калган мурастарда жана илимий-методикалык эмгектерде берилиши ар бир элдин рухий байлыгынын маңыздуу элементи болуп анын педагогикалык маданияты, дүйнөгө болгон көз караштары жана элдик тарбиянын тарыхый тажрыйбалары эсептелет. Сүрөт тарбиянын үйрөнүү педагогика илиминин өнүгүшүнө, өркүндөп байышына сөзсүз салым кошот. Сүрөт ата-бабаларыбыздын акылман адептик ойлору, таасирдүү таалимчилик тажрыйбалары, нарктуу каада-салттары элдин турмушунан өнүп чыгып, анын рухий байманасына айланып, өзүнчө бир кайталангыс, уникалдуу негизин түзүп жаткан маданий дөөлеттөр болуп саналат.

**Балдардын өнүгүүсү жана дене тарбия усулу.**

**Дисциплинанын максаты жана милдеттери.**
-Студенттердин дене тарбия усулу боюнча билимин калыптандыруу,аны калыптанышы ,өнүгүүшү ,перспективасы жөнүндө маалымат берүү.
- Баланын дене тарбия жана өнүктүрүүдө студенттердин илимий көз карашын калыптандыруу жана теориялык негиздерине түшүнүк берүү .
-Студенттердин жаш жана жеке өзгөчөлүктөрү тууралуу түшүнүгүн калыптандырууда мектепке чейинки балдардын сенсомотордук жана психофизикалык өнүгүүсү;
-Баланын дене тарбия жана өнүктүрүү ыкмаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;
-Мектепке чейинки жаштагы балдардын физикалык өнүгүшүнүн тушүнүктөрүн калыптандыруу боюнча кесиптик билимдерин,маданиятын камсыз кылуу.
-Баланын кыймыл аракетин үйрөтүүнүн негиздерине калыптандырууну билүү.
-кыймыл көндүмдөрүн жана көндүмдөрүн калыптандыруу, кыймылды үйрөтүү ыкмалары;
- кыймылдардын аң-сезимдүү аткарылышын калыптандыруу;

- Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун ,сабактын жаңы моделдерин,технологияларын,баалоонун ыктарын,техникаларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.

**Дисциплинанын мазмуну.**

Балдардын өнүгүүсү жана дене тарбия усулунун теориялык негизин максаттары. Баланын мектепке чейинки билим берүү системасындагы физикалык өнүгүшүнүн маселелери.Дене тарбиянын милдеттери жана каражаттары. Туулгандан баштап 7 жашка чейин баланын эрксиз кыймылдарынын өнүгүшү.Баланы кыймылдык көндүмдөргө жана билгичтиктерге үйрөтүүнүн негиздери. Психикалык-физикалык сапаттардын өнүгүшү менен кыймылдык көндүмдөрдүн калыптанышынын өз ара байланышы. Балдарды физикалык көнүгүүлөргө үйрөтүүнүн мазмуну жана методикасы. Гимнастика,кыймылдуу оюндар, спорттук оюндар,мектепке чейинки балдар үчүн көнүгүүлөр жана элементардык туризм. Баланын күн ичиндеги кыймылдык активдүүлүгүн уюштуруунун методикасы. Үй-бүлөдөгү дене тарбия,ата-энелер менен иштөө. Ар түрдүү курактык топтордогудене тарбиянын жана физикалык өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү. Баланын дене тарбиясы жана денесин өнүктүрүү боюнча заманбап билим берүү программалары. Дене тарбия жана спорт менен машыгуу.Мектепке чейинки мекеменин программалык талаптарына ылайык,балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабакта жана сабактан тышкары дене тарбиясын берүү методикасын практикада колдонуу.Балдардын физикалык өнүгүшү үчүн чөйрө түзүү.Сабакта жана сабактан тышкары дене тарбия жана балдарды физикалык өнүктүрүү боюнча иштерди пландоо жана уюштуруу.

**Музыка, музыкалык өнүктүрүүнүн методикасы.**

**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

Студенттердин музыка окутуунун методикасы боюнча билимин калыптандыруу, аны калыптанышы, өнүгүшү, преспективасы жөнүндө маалымат берүү.

Музыка сабактарын практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажрыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүүгө:

Курстун бөлүмдөрүн окутуу жөнүндө музыка окутуунун методикасынын жалпы теориялык билимдерин терең өздөштүрүүгө аны өркүндөтүүгө милдеттүү.

Музыка окутуунун методикасынын илимий–теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылуу. Кенже мектеп жашындагы окуучулардын маданий этикалык-эстетикалык баалуулуктарды, жана ырдоо эрежелеринин нормаларын сактоо, сүйлөө маданиятын калыптандыруу боюнча кесиптик билимдердин, маданиятын камсыз кылуу.

Музыка ырдоо, сабактарында инсанга багытталган окутуунун методдорун колдонууга жетиштирүү.

**Дисциплинанын мазмуну:** Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, баалоонун ыктарын, техникаларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.

Дисциплинанын мазмуну: Музыкалык искусство. Добуш жана анын касиеттери. Музыка сабагынын максаты негиздери жана талаптары. Мектеп куррикулуму. Музыка сабагындагы ырдоо. Хорду уюштуруу усулу. Музыканын үч негизин окутуу усулу. Таяныч сигналдар. Менин элимдин музыкасы. Музыка сабагынын жараянын уюштуруу формасы. Музыкалык көркөм каражаттар. Дүйнө элдеринин музыкалык маданияты. Музыка адабият жана көркөм искусство. Кыргыз композиторлору. Балдар чыгармачылык мааниси.Мектеп программасында музыка сабагын пландаштыруу.

Музыкалык ийримдер. Класстан тышкаркы сабактарды уюштуруу

**Көркөм кол эмгек жана конструкциялоо боюнча практикум. Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

Көркөм кол эмгек үчүн пайдалануучу материалдар, куралдар (инструменттер) менен иштөө ыкмаларын арттыруу. Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоону калыптандыруу. Түрдүү жаратылыш материалдарынан жана башка материалдарды иштетүүнүн техникасын жолго коюу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Эмгекке үйрөтүүнүн милдеттери жана методикасы, Жаратылыш материалдары менен тааныштыруу. Мектепке чейинки мекемелерде кол эмгекке үйрөтүү методикасы, Оюндардын элементтерин пайдалануу. Ар бир сабактын пландаштыруу методикасы, Акыл ишин активдештирүү методу. Кагаз менен иштөө. Чиймелерди окуунун жана белгилоону аткаруунун тартиби, Кагаз, картон, кездеме менен иштөөдөгү тажрыйбалар жана байкоолор. Заманбап технологияларды колдонуу, Кол эмгекке үйрөтүү боюнча иштерди пландоо жана уюштуруу, Кол эмгек сабагында керектелүүчү инструменттер жана жабдуулар менен иштөөнүн техникасы. Кол эмгек сабагына керек болгон материалдар, куралдар (инструменттер) жөнүндө маалыматтар, Пластилинден жабыштырып чаптоо, Папье-маше, Табигый материалдардан конструкциялоо, Кийиз менен иштөө, Аппликация менен кооздоо, Сайманын түрлөрү, Гүлдөрдү түшүрүп сайма сайуу, Аппликациядан түрдүү нерселерди жасоо, Чий куурчак жасоо, Жумшак оюнчуктарды жасоо, Салаттарды жасоо, Ашкана ажары, Дастаркон жасоо эрежелери, Конок күтүү.

Көркөм өнөр чыгармачылыгына керек болгон каражаттардын сүрөттөрүн тартуу, Графика. Эркин темада сүрөт тартуу, Кол чатырды штрихтер боюнча сызып жана туура боео. Оюуларды тартуу, Модель менен иштөө, Транспорттордун моделин жасоо, Аппликациядан түрдүү гүлдөрдү жасоо, Аппликациядан түрдүү нерселерди жасоонун ыкмалары, Пластилинден идиш аяктарды жасоо, Аппликациядан геометриялык фигураларды кесип, түрдүү жан жаныбарларды жасоо, Графика, живопись, скульптура, мозаика жасоо, Кыргыз элинин каада салттары (майрамдык сувенирлер),Белектерди кооздоо үчүн орнаменттерден композиция түзүү (түрдүү материалдардан), Закладка (түпкагаз), Чыгармачыл жана эстетикалык жагына көнүл бөлүп мозаика жасоо.

**Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык байланыш технологиялары.**

**Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**

- Студенттерге офистик программаларда графикалык объекттер менен иштөөнүү үйрөтүү;
- Техникалык жабдуулар (hardware), программдык жабдуулар(software) жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- Графикалык объекттерди анимациялоо жана компьютерде кызыктуу тапшырмаларды уюштуруунун жолдорун үйрөтүү;

**Дисциплинанын мазмуну:** MS Word графиктик объектер менен иштөө; MS Excel программасында эсептөөлөрдү жүргүзүү; MS Power Point программасында презентация түзүү; Paint графикалык редакторунда сүрөт тартуу; Документтерди

печаттоо; Интернет аркылуу маалымат алмашуу; Документтерди архивдөө.

**Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин теориялык усулдук негиздери**
**Курстун максаты жана милдети:**

студенттердин дисциплина боюнча билимин калыптандыруу, анын өнүгүшү, перспективасы жөнүндө маалымат берүү.
Өздөштүргөн билимдерин практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажрыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүүгө.
“Мектепке чейинки билим берүүнүн мекмелеринин теориялык усулдук негиздери ”нин илимий теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылуу.
Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, техникаларын компетенттүү адис катары колдонуу билүү.
Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» мамлекеттик билим берүү стандарты жана башка нормативдик-инструктивдик документтерин билүү.

**Дисциплинанын мазмуну:** Мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүү жолдору. Балдарга билим берүү боюнча маалымат жана байланыш технологиясы. Мектепке чейинки билим берүү боюнча стандарт, документтердин аталыштары. Тарбиячынын негизги документтери. Мектепке чейинки билим берүү иш-аракеттерин жөнгө салуучу негизги документтердин аталыштары. Мектепке чейинки билим берүүдөгү пландаштыруунун түрлөрү.

Мектепке чейинки билим берүүдөгү жылдык план, айлык план. Мектепке чейинки билим берүүнүн негиздери жана мазмуну. Мектепке чейинки билим берүү программалары. Мектепке чейинки балдардын өсүп өнүгүүсү. Мектепке чейинки билим берүү программаларынын аткарылышы. Эрте балалык курактагы балдардын өсүү өзгөчөлүктөрү (ымыркай кезден 3 жашка чейин ) 3төн 7 жашка чейинки балдардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү. 0дөн 7 жашка чейин балдарды өстүрүүнүн жалпы максаттары. Негизги, пассивдүү, активдүү усулдар. Окутуунун интерактивдүү усулдары.
Тарбиячылар үчүн коюлган талаптар. Эмгек ишмердүүлүгүн уюштуруу шарттары. Изилдөө, эксперимент таанып билүү баарлашуу. Сейилдөө, саякаттар жана көңүл ачуу кечелери. СНГ мамлекеттериндеги мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарыхы.

**Мектепке чейинки билим берүүдөгү оюн технологиялары.**
**Дисциплинанын максаты жана милдети.**

Студенттердин ”Мектепке чейинки билим берүүдөгү оюн технологиялары” предмети боюнча билимин калыптандыруу, анын өнүгүшү, перспективасы жөнүндө маалымат берүү.
Мектепке чейинки билим берүүдөгү оюн технологияларын практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажрыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүү;
Мектепке чейинки билим берүүдөгү заманбап технологияларды колдонуу менен билим деңгээлин жогорулатуу.

**Дисциплинанын мазмуну:** Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, техникаларын компетенттүү

адис катары колдонууга үйрөтүү. Балдар бакчасындагы балдарга арналган оюндардын негиздери жана оюн ишмердүүлүгү. Мектепке чейинки мекмелерде өткөрүлүүчү оюндардын түрлөрү жана фунциялары. Эрте жаштагы балдар менен ойнотулуучу оюндардын түрлөрү. Дидактикалык оюндардын түрлөрү жана дидактикалык оюндарды уюштуруу. Предметтер менен ойнотулуучу оюндар жана алардын мааниси. Сюжеттик-ролдук оюн, жетектөөчү ишмердүүлүк катары жана оюнду өнүктүрүү механизми.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында дидактикалык оюн ишмердүүлүгүн уюштуруу усулдары. Чыгармачыл оюндарды өркүндөтүү боюнча шарттарды уюштуруу.Жайкы аянтчаларда өткөрүлүүчү кыймылдуу оюндар. Конструктордук оюндар. Элдик оюндар, эрежелер менен ойнолуучу оюндар.

**Балдарды өнүктүрүүдө психокоррекциянын негиздери**
**Дисциплинанын максаты жана милдети**:

Студенттердин"Балдарды өнүктүрүүдө психокоррекциянын негиздери" предмети боюнча билимин калыптандыруу, анын өнүгүшү, перспективасы жөнүндө маалымат берүү. «Балдарды өнүктүрүүдө психокоррекциянын негиздери» сабактарын практикалык сабактарда кеңири колдонууга жана аларды өз тажрыйбасында колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүүгө.
«Балдарды өнүктүрүүдө психокоррекциянын негиздери » предметинин илимий теориялык жактан жетишкендиктери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча квалификациялык билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылуу.

Мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсүн, дене түзүлүшүндө жана акыл-эс жактан өнүгүүсүндө кемчилдиги бар балдардын ден-соолугун кароо жана маданияттуулугун калыптандыруу боюнча кесиптик билимдерин, маданиятын камсыз кылуу. Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын, техникаларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.

**Дисциплинанын мазмуну:** Психокоррекциянын предмети, психикалык жана дене түзүлүшү жагынан кемчилдиги бар балдарды түзөтүүгө багытталган атайын педагогикалык

аныктама, ошондой эле аномалдуу балдардын ар тараптуу өнүгүүсүндөгү закон ченемдүү өзгөчөлүктөрү менен тааныштырат. Коррекция жана атайын педагогика предмети аномалдуу балдардын мүмкүнчүлүгүнө жараша жана психикалык өзгөчөлүгүнө жараша ар тараптуу билим берүү алардын ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү келечекте инсан болуп калыптанышына шарт түзүп берүү милдеттерин өз кучагына алат. Педагогикалык практикада эффективдүү окутуу процессин уюштурууда негизги болот. Психокоррекциянын негизги максатын аныктоо. Компенсация жана адаптация, реабилитация түшүнүктөрү. Аномалдуулук. Анын себептери, категориялары, классификациясы. Олигофрендер, себептери. Кыргызстандагы атайын мекемелер.Аларга кабыл алуу жолдору.Кемчилдиги бар балдар менен иштөө.

**Основы предпринимательской деятельности**

**Цели освоения дисциплины:**

Расширение и конкретизация знаний о предпринимательстве, предпринимательской деятельности. Формирование навыков создания собственного дела, коммерческой деятельности, составление документов правового характера, разработки бизнес-плана,

заполнения форм бухгалтеерской отчетности малого предприятия и.т.д, усвоение конкретных правил и приемов ведения бизнеса, так же стимулирование интереса студентов к изучению экономики как науки не только познавательной , но и имеющей важное практическое значение.

**Методика преподавания музыки**

**Цели дисциплины**
Подготовка будущих учителей музыки
**Задачи дисциплины:**
Представление  о содержании предмета, его разделов, основных направлений;
Содействовать приобретению профессиональных педагогических качеств личности учителя в различных видах музыкальной деятельности;
Стимулировать творческие поиски в накоплении опыта методики музыкальной работы;
Содержание дисциплины:
Основы методики музыкального образования, формы музыкально - педагогической деятельности.
Методы и приемы обучения, организовать внеклассную и внешкольную музыкально-воспитательную работу.
**Көрсөтмө куралдарды жасоо.**

**Дисциплинанын максаты жана милдеттери.**

Көрсөтмө куралдарды жасоонун максаты студенттердин чыгармачыл жөндөмдөрүн жана эстетикалык сезимдерин арттыруу. Көрсөтмө куралдарды жасоо үчүн пайдалануучу материалдар, куралдар(инструменттер) менен иштө ыкмаларын арттыруу. Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоону калыптандыруу. Түрдүү жаратылыш материалдарынан жана башка материалдарды иштетүүнүн техникасын жолго коюуу. Программалык материалдарды окутуунун активдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин, технологияларын компетенттүү адис катары колдонууга үйрөтүү.

**Дисциплинанын мазмуну.**
Көрсөтмө куралдарды жасоонун ыкмаларынын максаты жана каражаттары. Көрсөтмө куралдарды жасоону үйрөтүү боюнча иштерди пландоо жана уюштуруу. Модель менен иштөө. Кеп өстүрүү,көркөм адабият,математика,сүрөт,музыка,дене тарбия сабактарына балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карай көрсөтмө куралдарды жасоо.Ар бир сабакка,темага жараша буклет,таркатма окуу куралдары,графика,диаграмма жасоо.  Предметтик өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү. Оюнчуктар, жашылча-жемиштердин муляждары,жомоктун каармандары,транспорт, кесиптер, идиш-аяктар, балыктар ж.б.”Керемет альфавит кубиктер”, “Үй жаныбарлар жана канаттулар”демонстрациялык окуу куралы. “Боз үй”, “Кыргызстандын картасы” “Ромашка” дидактикалык окуу куралдары.  “Матрешка – кубиктер” көлөмдүү –кыймылдуу көп функциялуу көрсөтмө куралы. “Окшош формалар”, “Жомокту тап” барактары арта салынма китеп.

*Тиркеме 6*

***Мектепке чейинки билим берүү адистигинин педагогикалык практикасынын***

***аннотациясы***

Педагогикалык практика жогорку квалификациядагы мектепке чейинки билим берүүчүнүн адистерди даярдоо процессинде негизги орунду ээлейт. Компетенттүү адистерди даярдап чыгуу бүгүнкү күндө коом тарабынан жогорку окуу жайларынын алдына коюлган талаптардан болуп калды. Өзүнүн тандаган кесибин жан дүйнөсү менен сүйгөн, билимдүү жана практикалык ык, машыгууга ээ болгон адистер гана мезгилдин талаптарына жооп бере ала тургандыгын турмуш өзү көрсөтүп турат. Мына ушундай адистерди даярдап чыгууда педагогикалык практиканын ролуна, анын уюштурулушуна жана бийик деңгээлде өтүлүшүнө өкмөт, министрлик тарабынан көңүл бурулуп, урунтуу иштер жүргүзүлө баштады.

2012-жылы КРда иштелип чыккан мамлекеттик билим берүү стандартында адистерди даярдоодо педагогикалык практикалардын ролуна өзгөчө басым жасалып, практиканын төрт түрү окуу пландарына киргизилген. Окуу пландарында 2-курста окуу таанышуу практикасы 2 кредит менен киргизилген. Ал эми 3-курста кесиптик-базалык (5кредит), 3-курста кесиптик- профилдик (5 кредит) практикалар пландаштырылган.

**Педагогикалык практиканын жалпы максаты**-болочок мектепке чейинки билим берүүчүнүн окуу жайында теориялык КАКтан алган кесиптик жана адистик билимдерин практикада бышыктоо жана анын кесиптик-педагогикалык багытын калыптандыруу. Программада жалпы максаттын негизинде практиканын бардык түрлөрүнүн спецификалык максаттары жана милдеттери көрсөтүлгөн.

**Педагогикалык практикалардын функциялары:**

Педагогикалык практика төмөндөгү: *Адаптациялык, окутуучу, тарбиялоочу, өнүктүрүүчү, диагностикалык функцияларды аткарат.*

***Адаптациялык (көнүгүү) функцияда*** – студент жалпы билим берүүчү мекеме менен гана таанышпастан, балдарга жана педагогикалык процесстин ритмине көнө баштайт, мектеп ичиндеги мамиле менен байланыштар системасын түшүнөт. Ал педагогикалык коллектив менен мамиле түзүп, педагогикалык иш-аракеттин кубанычы менен бардык кыйынчылыгына өз көзү менен күбө болот.

***Окутуучу функцияда*** – негизи педагогикалык билим менен ыкмаларды иштеп чыгуу, идеялык элестетүүлөрдүн реалдуу системага багыт алууга жана болочок тарбиячынын көз карашын педагогикалык аң-сезимге калыптандырган процесс жүрөт.

***Тарбиялоочу функцияда*** – эгерде студент өз ишин мыкты билген, кесибинин устаты болгон усулчунун, мектеп мугалиминин жетекчилиги астында иштей турган болсо анын ишини н сапаты, жыйынтыгы сыяктуу эле жекече инсандык мүнөз түптөлөт. Мектептеги жалпы атмосфера практика менен студенттерге болгон мамиле, практика жетекчилигинин стили, экинчи тараптан мектептин педагогикалык кадрлары чоң роль ойнойт.

***Өнүктүрүүчү функцияда*** – студент практиканын жүрүшүндө инсан катары дараметин өстүрөт. Ал жеке эле жашоо-турмуштук тажрыйба топтоо менен сергек жашоого багыт албастан, тарбиячы катары ой жүгүртүп, анын ишке болгон жоопкерчилиги да өсөт.

***Диагностикалык функцияда*** – студент практика учурунда балдар, окуучулар, устат, жетекчилик, ата-энелер менен маектешүүдөгү өзүнүн эмоционалдуу абалына баа бере алат. Чыныгы педагогикалык иш-аракеттин жүрүшүндө болочок тарбиячы, мугалимдин кесиптик сапаты менен.

***Мектепке чейинки билим берүү адистигинин педагогикалык практикасынын программасы***

Практика НББПтын милдеттүү бөлүгү болуп, окутуунун практикага багытталган болуусун камсыз кылуучу окуу иштеринин түрү болуп саналат. ББНП ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй практиканын түрлөрү уюштурулат:

- окуу-таанышуу практикасы ( 2 жума);
- өндүрүштүк (педагогикалык) практикасы ( 5 жума);
- мамлекеттик (дипломдук) практика ( 6 жума).

**Окуу-үйрөнчүк практика** окутуу-тарбиялоо процессинин курамында каралып, келечектеги педагогикалык адистерди даярдоодо жана аларда педагогикалык көндүмдөрдү жаратат. Окуу-үйрөнчүк практика балдар бакчаларында башкача айтканда чыныгы балдар чөйрөсүндө уюштурулат.

**Окуу- таанышуу практикасынын максаты:**

- практика профессионал адистерди даярдоо процессинде чоң мааниге ээ болуу менен, төмөнкү орчундуу проблемаларды чечүүгө багытталат:
- студенттер алгачкы адистик ишмердүүлүктөр менен таанышып, кесиптик билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандырат;
- кесипке жана ишмердүүлүккө болгон мамилесин, жөндөмүн жана кызыгуусун арттырат;
- билим, билгичтик көндүмдөрүнүн жогорку сапатын камсыз кылат;
- студент-практикант, балдар менен болгон педагогикалык мамилеге жетишет;
- балдар менен сүйлөөгө, аларга кызыктуу ыр, жомокторун айтып берүүгө үйрөнүү;

**Өндүрүштүк (педагогикалык)**
**практика** Максаты:

-компетенттүү адистерди профессионалдык деңгээлде даярдоо;

-студенттерде мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларынын окуу-тарбия ишмердүүлүктөрү жөнүндө профессионалдык билимдердин системасын калыптандыруу;

-студенттерди тарбиячы кызматтарын аткарууга, балдар менен түрдүү окуу-тарбия иштерин жүргүзүүгө даярдоо;

-педагогикалык практика учурунда студент окуу жайында алган теориялык билимдерин тереңдетүү жана бышыктоо, аларды практикада колдоно билүү;

-тарбиячы катары кызматтарды аткарууну үйрөнүү;

Мамлекеттик же диплом алдындагы практика

Максаттары:

- адистерди профессионалдык деңгээлде даярдоо;
- практиканттарда мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларынын окуу-тарбия ишмердүүлүктөрү жөнүндө кесиптик билимдердин системасын калыптандыруу;
- практиканттарды окуу-тарбия иштери боюнча тарбиячынын милдеттерин аткарууга балдар менен түрдүү иш аракеттерди жасоого даярдоо;
- мамлекттик практика учурунда практикант окуу жайында ээ болгон теориялык билимдерин тереңдетүү жана бышыктоо, аларды практикада колдоно билүү;
- балдардын активдүүлүгүн уюштуруу менен сабакты жана сабактан сырткаркы иштерди жүргүзүүнү уюштуруу;
- тарбиячынын милдетин аткарууну үйрөнүү жана башка ык машыгууларга ээ болот.

**Практикада студенттер ээ болуучу компетенциялар**

**Жалпы-маданий компетенциялар**:

-өз каалоосу менен кабыл алышы, сабырдуулугу, кубаттуулугу, тырышчактыгы, аракетчилдиги ,чыгармачылык менен мамиле кылуусу калыптанат;

-ар кандай окуяларга жана процссетерге сын көз менен карап, проблеманы чечүү жана коммуникативдик көндүмдөргө ээ болуу үчун аракеттенүүсү артат;

-балдарды багып жана тарбиялоодо балдарды табиячыларды бирдиктүү бир бүтүндүк катары карап, өз ишенимдүүлүгүнүн өнүгүшү үчүн башка тараптар менен мамиле түзө алуу керек экендигин билет;

-практиканын жүрүшүндө ийрим же башка иштерге катышып, активдүү позицияны элөө; -тарбиячынын этикасына шайкеш келүү, ага карата мамиле кылууга ээ болот ;

-мекеменин социалдык-экономикалык чөйрөсүнүн өзгөчөлугүнө ыңгайлашат;

-чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу, жамааттын ар мүчөсү менен мамилелешүүгө далалатанат;
-үй–бүлөнү таануу, ага тиешелүү түрдүү иш аракеттерди уюштуруп, балдардын өнүгүүсүнө жана ийгилигине салым кошуу үчүн бирдикте иштөөгө чакыруу, пландарды түзүү;
-уюшулган турдүү тарбиялык иштерге ата-энелерди да тартууга жетишет;

**Атайын-кесиптик компетенциялар:**

-кесиптик таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болушат;
-балдарын психологиялык, физологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык өтүлүп жаткан сабакка кызыкчылыгын ойготуунун жана өнүктүрүүнү билет;
-балдардын курактык жаш өзгөчөлүктөрүн андайт;
-практика учурунда тарбиячы тарабынан аткарылуучу ишмердүүлүктөр жатында жаны маалыматтарга, жетишкендиктерге ээ болушат;
-кесиптик мааниге ээ сапаттарды студенттер өздөрүнө калыптандырат;
-сабактарды пландаштырып , сабактын план-конспектисин иштеп чыгат;
-балдардын кызыгуусун жана өнүгүүсүн камсыздаган окутуу-тарбиялоонун, натыйжалуу ыкмаларын жана каражаттарын өз алдынча тандап, колдоно алат;
-сабакта пайдалануучу методикалык адабияттар, окуу куралдар, көрсөтмө жана техникалык каражаттарын колдонууну өздөштүрөт;
-тарбиячынын ишине байкоо жүргүзүү, аны тандоо жана пландаштыруу көндүмдөргө ээ болот;
-балдар менен түрдүү тарбиялык иштерди уюштуруу жолдорун үйрөнөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Тарбиячыларга кеп кеңештер, усулдук колдонмо .Түзүүчү А.А. Исаева 2015
2. Наристе балдарды мектепке даярдоо программасы усулдук колдонмо
Иштеп чыккандар Э. Камалов, Г. Исаева 2014-ж
3.Балдар бакчаларында эстетикалык тарбия берүү. Которгон Б.Орозов 1993-ж
4.Дидактикалык оюндар жана сабактар. Котогон Т. Сагымбаев 1992-ж
5. Эрте жаштагы өткөрүлүүчү дидактикалык оюндар.Которгон Т. Сагымбаев 1993-ж
6. Дидактикалык оюндар. Д.Ж. Отаханова, Ч. Өмүрзакова1989-ж
7. Педагогикалык изденүү. Түзгөн И. Н. Баженова 1989-ж